4 «Ийгиликтүү ишкер - күчтүү мамлекет»



5 «Эл айыл өкмөтү үчүн жооп берүүсү керек»




# САРЕСЕП

saresep.kg

2-июнь, 2016-жыл №21 (54)

Калыс көз караш!




Сүйүнчү суроо тилемчиликке барабар

6-бетте



Орозо боюнча дарыгердин кеңеши

8-бетте



Манастын сегизинчи осуяты

16-бетте

# Жайлоо, жашыл, эт, кымыз, Нарыныңа кел кыргыз!



4-9-беттер




# Кыргыз картошкасына чектөө алынат

Казакстан президенти Нурсултан Назарбаев Кыргызстандан кирген картошкага чектөө салбоону тиешелүү органдарына тапшырды. Бул тууралуу 1-июнь күнү өткөрүлгөн брифингде президенттик аппараттын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Сапар Исаков билдирди. Анын айтуусунда, 31-май күнү Астана шаарында өткөн Евразия экономикалык биримдигине мүчө өлкөлөрдүн саммитинде кыргыз президенти Алмаз Атамбаев картошка маселесин көтөргөн. Ошондон улам казак президенти Н.Назарбаев тиешелүү органдарга тапшырма берди.

Эскерте кетсек, 4-майда Казакстан Кыргызстандын келген картошкалардан илдет табылганын айтып, өз аймагына киргизүүдөн баш тарткан. Ошондон бери Казакстанга жашылча ташып баруу боюнча көптөгөн



сүйлөшүүлөр болду. Расмий маалыматтар боюнча, жыл башынан бери Казакстанга 2 миң тоннадай картошка экспорттолсо, анын 113 тоннасы артка кайтарылган.

# Кыргыз жарандарына Казакстанда жүрүү жеңилдейт

Астана өкмөттөр аралык келишимге өзгөртүүлөрдү киргизет. Ага ылайык, Кыргызстан жарандарына Казакстан аймагында 30 күнгө чейин каттоосуз жүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул тууралуу «Новости-Казахстан» маалымат агенттиги билдирди.

Азыркы эрежелер боюнча казак жарандары Кыргызстанда каттоосуз 30 күн жүрө алышат. Кыргызстандыктарга болсо беш күндүк гана уруксат берилген.

Евразиялык экономикалык биримдиктин эмгек миграциясы боюнча департаментинин директорунун милдетин аткаруучу Самат Алиевдин айтымында, азыр каттоосуз 30 күн жүрүүгө жол ачкан протоколдун долбоору даярдалды.

Өткөн айда Кыргызстандын мамлекеттик миграция кызматынын төрагасынын орун басары Алмазбек Асанбаев ЕАЭБдин нормаларына ылайык, Казакстан кыргызстандыктарга 30 күн каттоосуз жүрүүгө уруксат бериши керектигин билдирген. Аткаминер казак тарап бул маселени чечүүнү кечеңдетип жаткандыгын кошумчалаган.



Казакстан Ички иштер министрлигинен кабарлагандай, өкмөттөр аралык протокол кол коюу үчүн даяр.

# Гидроэнергетика долбоору үзгүлтүккө учурашы мүмкүн


Кыргызстан өкмөтү Чехия менен чакан гидроэнергетика багытындагы кызматташтык келишимин кабыл алууну убактылуу токтотту. Бул тууралуу Экономика министрлигинин бөлүм башчысы Уран Чекирбаев билдирди.

Анын айтымында, кыргыз гидроэнергетикасына кызыкдар жаңы компаниялар пайда болду. Бирок алар кайсы компаниялар экендиги азырынча белгисиз.

Буга чейин Кыргызстан өкмөтү Чехия инвесторлору менен Киров, Орто-Токой, Папан жана Төрт-Көл суу сактагычтарында чакан ГЭСтерди куруу тууралуу макулдашкан болчу.

Станциялардын жалпы кубаттуулугу 158 мегаватт. Долбоорлордун наркы 190 миллион долларды түзүп, жалданма эки компания иштемек. Бирок министрлер кабинети маселени кечеңдетсе, бул долбоор үзгүлтүккө учурашы мүмкүн.

Мурдагы экономика министри Эмил Үмөталиев



пландардын өзгөрүшү Орусия тараптын кысымынан улам болушу ыктымал экендигин айтты. Бирок чиновниктер бул пикирди четке кагып, келишимге кол коюунун кармалышын формалдуу себептерге байланыштырууда.

# Террорчулук менен экстремизмди жайылткан сайттар жабылат

Жогорку Кеңеш бүгүн жалпы жыйында террорчулук менен экстремизмдин идеяларын тараткан сайттарды жабуу тууралуу мыйзам долбоорун үчүнчү окууда жактырды.

Жарандык-процессуалдык кодекске жана "Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы күрөшүү жөнүндөгү" мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр экстремисттик маалымат таратты деп айыпталган сайттарды сот өкүмү чыкканга чейин эле жабууга мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз өкмөтү сунуштаган документке ылайык, экстремисттик материалды камтыган сайттарга сотко чейин эле прокуратуранын көрсөтмөсү менен үч-беш күн ичинде чектөө киргизилип, Транспорт жана байланыш министрлиги өчүрүп салат. Эгерде соттук экспертиза туура эмес чыкканын аныктаса, сайт кайра иштесе болот.

ИИМдин Кибер коркунучтарга каршы бөлүмүнүн башчысы Улан Бердибаев билдиргендей, өлкөдө жыл сайын радикалдык, экстремисттик үгүт иштерин жүргүзгөн 20га жакын сайт жабылат. Бирок алар атын жана IP дарегин өзгөртүп, ишмердигин улантып жаткан учурлар да бар.




БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Нарын ЖАТАТ чалкайып

«Сересеп" гезитинин жамааты өткөн жуманын бейшемби-ишемби күндөрү гезиттин орчундуу бөлүгүн Нарын облусунда даярдоого аракет кылды. Бул жумадагы чыгарылыштын 4-9-беттери ушул сапардын үзүрү. Гезитибиздин 400 даанасы Нарын облусуна кетет, ошондуктан сапарыбыздын негизги максаты жергиликтүү журналисттер менен жолугуп, таанышып, өздүк кабарчы издөө болду. Жолуктук, тааныштык, тапкан сыяктуу болдук...

Экинчи максат – журналисттерибизге туулуп-өскөн жерибизди кыдыртып, Нарыныбызды өз мекенинин бир бөлүгү катары көрүүсүнө жагымдуу жагдай түзүү болду. Бул да ишке ашкансыды. Саамалкымыз, багалаң козу, быйыл өзгөчө жашылданып кулпурган бөксө тоолор, Таш-Рабат, ак кар баскан аска-зоолор... Туулган жерге бала кезден кулакка жат болгон жатат, отурат, турат деген этиштерди колдонсоң кандай сонун жарашат. Туулган жер, сени күтүүдөн эч качан тажабаган, чаалыгып, чарчабаган ата-энедей өзгөрбөй турганың кандай сонун!

Кытайлар ыкчам иштеп, бир топ жерин төшөп келип кыргызга калтырган жолдорго келсек, Кочкордун нары жагында жана Долондун аркы бетинин бир топ жеринде кайран кыкең жол салып ЖАТАТ. Төрт чарчы көпүрөнүн тегерегинде бир адам бүкчүңдөп бир нерсе кылгансып жүрөт, калган сегизи тегеректеп иштегенсип ТУРАТ. Ишкер сымал нарындык эч нерсени пландабай иш баштап, кайра сатып алган жабдыктарын сууруп чыгып, металлолом баасында сатып ОТУРАТ.

Бирок жалпысынан алганда маанай «беш». Жыйырма жылдык бүтүрүүчүлөр он миңдеген доллар турган спорт аянтчаларын салууну адатка айлантыптыр. Нарын районунда эле онго жакын айылда мындай аянтчаларда балдар чурулдап ойноп жүрөт. Бишкекте эки баласы төрөлгөн Толкунбек Нарындын төрөт үйүн жерге-сууга тийгизбей мактап жүрөт. Акча бербесең да баланы төрөтөт экен, метрикасына 27 сом эле алышат экен деп. Эки-үч облуста иштеп келген жаш жетекчи Максат Нарындын бюрократтарынын тактыгы менен иш-кагаз жүргүзүүсүнүн тыкандыгына айраңтаң. Мал көп жана семиз болгондуктан нарындыктар шаардагы эттин арзандоосуна чоң салым кошуп жатыптыр. Былкылдаган семиз кой 6-7 миң, казысы таман чыккан жылкы 50 миң сом дешти. Албетте, арзан болгонуна нааразы, бирок малды асыроого кеткен чыгымдарын сурасаң эсептеп бере албайт. Эсептей албаганы деле жакшыбы деп ойлоп кетесиң.

Мунун баары гезиттин ушул санында. Баткендик, оштук, жалалабаттык, таластык, чүйлүк, көлдүк бир-туугандарыбызга нарындыктардан ысык салам. Бир туугандык жана ички турист катары «конокко күтөбүз» дешти нарындыктар. Капчыгы калыңыраак болсо андан жакшы, балким ички инвестор да болуп берет деп кыялданышат.

Жогору жакты кайра бир окуп чыкканда, мамлекеттик менчик жана эскирген жетекчилик натыйжалуу эмес, КЕЛСИН(!) жеке ишкер жана жаш креативдүү жетекчилер деп жибергиң келет экен.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Сересеп гезити

**Нускасы: 6700**
**Буйрутма № 1273**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Орус өз саясатын жүргүзгөнү турат

**Астанада болгон ЕАЭБдин жыйынында Орусия президенти Владимир Путин Евразия Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөр арасында бирдиктүү маалымат аймагын түзүү тууралуу сөз кылды. Казак саясат талдоочулары Орусия ансыз деле маалымат айдыңында үстөмдүк кыларын жана Путиндин сунушу кооптуу экенин айтып, Украинаны мисал катары көрсөтүштү. Ал эми биздин Токтогул Какчекеев, Турат Акимов өңдүү серепчилер болсо, бул сунушту колдоп, бирдиктүү маалымат айдыңы аркылуу башка өлкөлөрдүн маалымат баскынчылыгынан коргонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт дешти. Ушундан улам "Орусия менен бирдиктүү маалымат аймагын түзүү зарылчылыгы барбы? Ал бизге эмне алып келет?" деген суроо менен** Равшан Жээнбековго **кайрылып, төмөндөгүдөй жообун уктук:**



– Орусия менен биргеликте маалымат айдыңын түзүүнүн эч кандай зарылчылыгы жок. Анткени Кыргызстандын маалымат майданын толугу менен Орусиянын ЖМКсы ээлеген. Жаңылбасам, Кыргызстанда өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн ЖМКлардын ичинен болжол менен 70–80 пайызы орустарга таандык. Алардын РТР, ОРТ, ТНТ, НТВ деген телеканалдарын көрүп отуруп, биздин эл алар берген маалыматка сугарылып, алардын жүргүзгөн саясатына таасирлене баштады. Анткени орус маалымат каражаттары жергиликтүүлөргө караганда күчтүү жана таасирлүү келет. Ал эми орустар өз ЖМКсы аркылуу өздөрүнүн улуттук кызыкчылыгын коргогон саясатын жүргүзүп, экономикалык жана маданий кызыкчылыгын колдоп атат. Ошондуктан дагы бир кошумча каражат ачуу бизге дагы, Казакстанга дагы, деги эле ЕАЭБдин курамындагы башка өлкөлөргө дагы менимче ашыкчалык кылат. Башка мисал, батыштын жалпы маалымат каражаттары Кыргызстанда саналуу гана болбосо, жокко эсе. Анын үстүнө алар англис тилинде иштегени үчүн эл аларга басым жасабайт. Душманды алыстан издебе дегендей, бүгүнкү күнү Кыргызстан эгемендүүлүгү үчүн кооптонууну сыртки мамлекеттердин маалымат каражаттарынан эмес, ЕАЭБдин курамындагы мамлекеттердин маалымат каражаттарынан издеши керек.

# Реформалоо иштерин беш багытта жүргүзөбүз

**Бир канча убакыттан бери Ички иштер министрлигинде жана анын көрсөткөн кызматында кыйла өзгөрүүлөр болуп, реформалар жүрүп жатканы маалымат булактарында байма-бай айтылып, кызуу талкууланып турган. Бирок, ошол убакта министрликке, же анын жетекчилигине эч кандай деле баса көргөзгүдөй айып тагылып, күнөө коюлган эмес. Ошого карабай, бир заматта бакандай министр Мелис Турганбаев жылан чакпай, жылкы теппей кызматынан ыргып түшүп, ордуна ушул эле жаатта кызмат көрсөтүп келген** Кашкар Жунушалиев **отурду. Бул алмашуудан кийин биз ага «Мурунку министрдин көптөн күттүргөн «коопсуз шаар» долбоорун улантасызбы жана реформа жасоодо кайсы тармакка көбүрөөк көңүл бурасыз» деген суроолор менен кайрылып, төмөнкүдөй жоопторду алдык:**



– «Коопсуз шаар» долбоору менен алгач жакшылап таанышып чыгышым керек. Бул жерде долбоорду алдыга карай жылдыруу, ойлонулган нерселерди иштетүү үчүн жергиликтүү бийлик менен бирге иш алып баруубуз абзел. Себеби жолдор, андагы сызыкча белгилер жана электр жарыктары сыяктуу маселелер ошолордун колунда. Алар да көмөк көрсөтүп, кол кабыш кылмайынча, бул долбоор ишке ашпайт. Ошондуктан мен жакшылап изилдеп чыгып, анан расмий жооп берейин.

Ал эми реформа жаатында финансы жана техникалык каражаттарга басым жасайбыз. Негизи 5 багытта иш алып барууну максат кылып жатам. Биринчиси – коомдук тартипти, коопсуздукту камсыздоо жана уюшкан кылмыштуу топтор менен күрөштү күчөтүү. Экинчиси – реформаны улантуу жана аны өнүктүрүү. Үчүнчүдөн, буга чейинки өзгөрүүлөрдөн көп деле жылыш байкалбагандыктан, ситеманы өзгөртөбүз. Кийинки реформа болсо аймактык тескөөчүлөрдү, жаш өспүрүмдөр менен иштеген инспекторлорду элдин колдоосу менен тандайбыз. Алардын талапка ылайык иштөөсүн көзөмөлдөп, шарттарды түзүү, кадырын көтөрүү, ошол эле элдин ишенимин арттырууну улантабыз. Анан «Коопсуз шаар» долбоорун карап чыгып, аны мыйзамга ылайык тездетебиз.

Эскерте кетсек, Кашкар Жунушалиевди министрликке бекитүү сунушу 1-июнда Жогорку Кеңеште депутаттардын кароосуна коюлуп, 105 депутаттын макулдугу менен колдоого алынды.

# Алардын арам оюнун аша чапкандыгы

**Жакында эле Астана шаарында ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин кезектеги жыйыны болуп, ага мүчөлүктөгү бардык мамлекеттердин башчылары катышты. Албетте, уюмдун тең ата мүчөсү катары биздин мамлекеттин президенти Алмазбек Шаршенович Атамбаев да барып, жыйынга катышып келди. Бирок, кошуна өлкөбүз адаттагы керсейме-син карматтыбы, же кайра-кайра кайталанган ызы-чуудан колдору бошобой турганбы, айтор, конок катары барган урматтуу башчыбызды акимдин орун басары менен Казакстандын Тышкы иштер министринин орун басары тосуп чыкты. Ушундан улам "Казак бийлигинин мындай жорук-жосунуна Алмаз Шаршенович күнөөлүүбү, же обун таппай калган казак бийлиги күнөөлүүбү?" деген суроо менен** саясат талдоочу Искендер Ормонго **кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Орусия болобу, же Казакстан болобу, же деги эле ушул уюмга мүчө өлкөлөрдүн Кыргызстанга жана Кыргызстандын өлкө башчысына ар түрдүү четтетүүчү же жерүүчү позициядагы мамилелери, эч кандай аргументке таянбай туруп жасаган кадамдары чоң чекилик. Анткени Кыргызстан мындай мамиле жасоосуна себеп берген жок. Тескерисинче, бүгүнкү күнгө чейин финансылык байланыштарыбызда, адам ресурстарынын байланышында, саясий өнөктөштүктө, эл аралык геосаясий тарап тутууда биздин өлкө алардын андай мамиле жасоосуна бир дагы жол берген жок. Антмек тургай, өтө жакын мамиле түзүп келатат. Ага карабай четтетүүчү, жерүүчү позицияда туруп алышса, алардын арам оюнун аша чапкандыгы болуп саналат.

Балким кылган мамилеси аркылуу дипломатиянын тили менен бир нерсе айткысы келгендир. Бирок, бул көрүнүш биздин өлкөнүн же өлкө башчысынын кемчилиги эмес. Тескерисинче, өздөрүнүн кемчилигин, адамгерчиликсиздигин, деңгээлинин пастыгын айгинелеп койду. Ошондуктан биз эмес, алар уят болушу керек. Кыргызда конок келсе кадырла деген түшүнүк бар. Досу болобу, душманы болобу айырмасы жок. Дипломатия дагы коноктоонун бир түрү. Ушундай учурлар биримдиктин канчалык деңгээлде бышыктыгын, же боштугун оңой эле далилдеп коёт. Мына ушундай, санаса манжа жеткидей мүчөлөрү бар туруп, бирибирин сыйлабаган, кемсинткен мамиле кылган уюмдун келечеги бар деп айтыш кыйын экенин билдирет.

# Бирдиктүү базасыз алимент төлөтүү кыйын



**Өлкөбүздө жашы жете элек балдарга алимент төлөөдөн качкан ата-энелердин саны арбууда. 2016-жылдын март айына чейинки мөөнөттө эле алимент төлөбөгөндөр үчүн прокуратурага 42, ички иштер органдарына 350 арыз түшкөн. "Алимент төлөө көйгөйүнүн курчушуна жоопко тартуу мыйзамдарыбыздын жакшы иштебей жатканы себеппи, же башка себептер таасир берип жатабы?" деген суроо менен** укук коргоочу Рита Карасартовага **кайрылдык:**

– Алименттен качуу бул мамлекеттик деңгээлдеги көйгөй. Себеби бизде бирдиктүү маалымат базасы жок. Бул база түзүлөт деп канча жылдан бери айтылып келет. Кыргызстанда канча адам жашайт, канча аялы же күйөөсү бар, балдары канча, унаасы, үйү барбы деген нерселердин баары базада болушу керек. Мындай база жок болгондон кийин кимдин үйү бар, ал кимге жазылган деген нерселерди билбей калышат. Элдер ЗАГС болбосо баланын укугу тебеленип калат дешет. Бирок, бул калп. Анткени беш мүнөттүн ичинде мүлкүнүн баарын ата-энесине, бир туугандарына жаздырып, менин эч нерсем жок деп өз балдарына кыянаттык кылгандарды көрүп жүрөбүз. Эгер ошол база бар болсо маселе башкача болмок. Мына кечээ эле жер маселесин карадык. Акыркы он жылдын ичинде мамлекеттин жери акырындап сатылып отуруп, эки эсе азайып кетиптир. Бийликтегилерге так маалыматтын болбогону пайдалуу. Сот аркылуу алимент кесилсе да, аткарылбай жатканынын себеби дал ушул бирдиктүү базанын жоктугунда. Азыр болсо президенттин алдында түзүлгөн топ соттун чечимин аткаруу боюнча мыйзам жазып чыгышкан. Ошол жерде алар бүт чыгарылган чечимдер туралуу бирдиктүү база түзгөнү жатышат. Ал жерде бир кишинин канча мүлкү болсо ошонун баары катталат. Эгер адамдын салык карызы, алимент карызы болсо, ал чет өлкөгө чыга албайт деген мыйзам кабыл алынганы турат. Бул мыйзам ишке киришсе жакшы болот. Тилекке каршы, компьютерлешкен кылымда жашап жатып бир базанын жоктугуна атка минерлерибиздин айлыкка гана иштегенди каалабаганы себепкер. Себеби алар кошумча пара алып көнүп калышкан. Демек, качан гана бул база түзүлсө иштер так аткарылып, алименттер өз убагында төлөнүп калат.

# Ийгиликтүү ишкер - күчтүү мамлекет

Кыргызстандын көптөгөн аймактарында ишкерлердин башын бириктирип, ич ара кызматташууга, тажрыйба алмашууга ат көтөргүс салымын кошуп келген Жаш ишкерлер Ассоциациясы (ЖИА) буюрса жакынкы күндөрү Нарын облусунда да өз борборун ачып, жергиликтүү ишкерлердин башын бириктиргени турат. Ушундан улам болочок уюмдун жетекчиси Рахатбек Омокоев менен жолугушуп, алдыда жасала турган иштери тууралуу пикир алмашып кайттык...

## Алып-сатарлык ишкерликке кирбейт

Жакында Нарын облусуна да ЖИА ачылып, төрагасы катары мени шайлашты. Бул ассоциация ишкердүүлүктөгү көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү ниети менен иш алып барат. Өлкөбүздөгү жарандардын көбү ишкердүүлүк менен алектенишет. Чынында, көп адамдар ишкердүүлүктү бир жерден алып, бир жерге сатуу деп түшүнүшөт. Бирок алып сатарлык ишкердүүлүккө кирбейт. Адал жолдор менен, мыйзамдын чегинде бир нерсе өндүрүп, ошону саткан адам ишкер болуп саналат. Мына Бажы биримдигине киргенден бери алып сатуу өнүгүп-өспөй, келечеги көрүнбөй калды. Азыр сатуучу көп, алуучу аз. Анан Казакстанда Хоргос ачылды. Ал Дордойго альтернатива болуп ачылгандыктан, алармандын көбү ошол жакка ооду.



Бажыга киргенден кийин мал чарбачылыгынын баасы өсөт деп күттүк эле, малдын баасы өсмөк тургай, тескерисинче түшүп жатат. Эл эмне кылаарын билбей калды. Орусия, Белорусияда союздан калган чоң чарбалары бар. Ал чарбалар бизге атаандаш болуп, малы, эти арзан келгени үчүн, биздин малдар өтпөй калды. Буга чейин бизден соода кылып келген Казакстандын базарларын алар толтуруп салышты. Аларга этти биз экспортточубуз. Учурда тескерисинче, бизге импорт болуп кире баштады. Бул көйгөй өтө курч болуп турат. Мамлекеттик деңгээлде фитосанитардык маселелерди чечүү өтө кыйын болууда. Анткени өлкөдөгү методикалар, лабараториялардын анализдөө, текшерүүлөр бажы стандартына жооп бербейт. Дүйнө талабына жооп бере турган адистер жетишпейт. Лабараторияларды ачкан күндө да адистер окуп, даяр болуп келгенче ахыбал кыйын болуп калат. Ушундай абалда ЖИА өкмөткө концепцияларды сунуп, сунуштары өкмөт жыйындарында талкууланууда. Негизи эле ЖИА ар бир региондогу көйгөйлөрдү ишкерлер менен бирге чечүү үчүн ачылган.

## Мал чарба менен чектелип калганбыз

Мүмкүнчүлүктөрдү арттыруу, өндүрүштөргө базар табуу, башкаларга атаандаш болуу жаатында илимдүү, абалды анализдей алган ишкерлер, кеңешчилер керек. Бул жаатта ЖИА ишкерлерди мүчө кылып бириктирүүсү абзел. Кеңешчилерди чакырып, ишкерлерди даярдашыбыз керек. Мурун алып сатарлык өнүгүп кеткендиктен ишкердүүлүктү түшүнбөй калгандар көп. Ишкерлер ынтымакта болуп, бири-бирине жардам көрсөтүп, өнөктөш болгону жакшы. ЖИАнын кыла турган иши чакан кооперативдерди, ишканаларды түзүү болуп эсептелет. Кооперативдер бар болсо аларды орто ишканага бириктирүү керек. Орто ишкана болсо, аны ири компанияга айлантуу жаатында жардам беребиз. Учурда “Нарында мал чарбачылыктан башка эмнени өндүрө алабыз?” дегендин үстүндө анализдерди жүргүзүүдөбүз. Келечекте бул жаатта элди, ишкерлерди даярдагандан кийин, багыттоо кызматтарын көргөзөбүз. Бизде сарымсак, ашкабак, күнкарама өссө да, көңүл бурбай келебиз. Биз бир гана мал чарбачылык менен чектелип, башка нерсеге кызыкпайбыз. Элдин көбүнөн сурасаңыз “мал байлаш керек” деген гана сөздөрдү айтышат. Ишкердүүлүк өндүрүмдү сата билүү болуп эсептелинет. Өндүрүмдү өстүрүп сата билсең, ошондо ийгиликке жетип, өзүн актайт. Негизи базарда суроо-талап баарын чечип коёт. Эгерде күнкарамага талап болсо, аны сөзсүз өстүрүш керек.

## Орусия бизге сарымсактан атаандаш болбойт

Ишкердүүлүктүн бир бөлүгү базарды изилдөө, анализдөө. Бизге 90% сарымсак Кытайдан келет. Сарымсактын 1 килосу дүйнөнө 300 сом турат. Ал эми статистика боюнча Кытайдын сарымсактары дүйнөнө 500 сомго чейин сатылат. Бизде булар өсөт. Жашоочулар сарымсакты өздөрү жегидей эле эгишет. Муну чоңойтуп, масштабдуу айдасак, сырттан келген сарымсактын жолун бууйбуз. Биздин валютабыз сыртка кетпей, ичтеги базарларда айланат. Мисалы, Орусия Кытай мамлекетинин 80% сарымсагын жейт экен. Ушул жерден “Кыргызстандагы элдин баары сарымсак айдаса, баа түшүп кетеби?” деген суроо туулушу мүмкүн. Бирок бул андай эмес. Орусия картөшкө өндүргөнү менен сарымсак өндүрбөйт. Алардын сарымсакка жылдык муктаждыгы 250 миң тоннаны түзөт. 80% Кытайдан алса, калганын Иран менен Египеттен алат. Ошондуктан орустар бизге сарымсактан атаандаш болбойт. Ал эми картөшкөдөн атаандаш болду.

Кытай мамлекетинде баары кол менен иштөөгө өттү. Кыргыздар болсо антип иштегенге чыдабайт. Бирок сарымсак өстүрүүнү механизациялаштырса оңой болуп калат. Механизациялаштыруу жолун, кандай үрөн себүү керек экенин, эмне кылуу керек экенин ЖИА чечип берет. Биздин уюм ишкерлерди даярдоо, базарларды изилдөө, багыт берүү, кеңеш берүү, керек болсо дыйкандарды бириктирип, кооператив түзүү боюнча иш алып барат. Ишкерлер ЖИАга мүчө болгон соң ассоциация аларга кеңеш берип, жардам көрсөтөт.

## Даяр техниканы алып келүүдө ЖИАнын салымы чоң

Жалпы кызыкчылык менен чыккан натыйжа көп адамдын башын бириктирет. Алар колдоруна реалдуу акчаны кармаса, сөзүңдү угат. Анткени сенин айтканың ишке ашты. Мен 2 гектар картөшкө айдагам. Бирок, буга көп киши керек экен. Айрыкча, жайында иш кычап турган маалда жалдаганга киши таппай калчубуз. Чынында, бул көйгөйлөрдү механизациялаштыруу жолу менен чечсек жакшы болмок. Мисалы сарымсакты механизациялаштырсак, комбайн иштетсек жумуш жеңилдейт. Сарымсакты жакшы баада сатса, жумушчулардын акысын жогору берген күнү да өзүн актайт. ЖИАнын Кыргызстандан тышкары Кытай, Жапония, Украина, Түркия, Америкада өкүлчүлүктөрү бар. Кытайдан даяр техника алып келүүдө ЖИА чоң салым кошот. Бизнес ассоциясынын чөйрөсү кенен болгондуктан мүмкүнчүлүктөрү көп.

> «ЖИАнын кыла турган иши - чакан кооперативдерди түзүү, кооперативдерди орто ишканага бириктирүү, орто ишканаларды ири компанияга айлантуу»

Негизи кооператив куруунун да тартиптери бар. Ошого баш ийгендер гана кире алат. Кооперативге чейинки кызматтар эффективдүү болушу керек. Кооперативге кирүү менен алар үрөн, техника табууда, сатууда кыйналбайт. Эгерде биз азыр Орусияга сарымсак экспорттогубуз келсе, көлөмүбүз жетпейт. 10 тонна менен Орусияга барып кереги жок. Анткени ал өтө аз. Чоң-чоң компаниялар, супермаркеттер, гипермаркеттер менен сүйлөшө албайсың. ЖИА мына ушуга да жардам берип, жолдорун көргөзөт.

## Жаштардын келечеги үчүн иштеген ЖИА

Анткени менен ЖИА жалаң эле бизнес, чарбачылык менен иш алып барбайт. Ассоциациянын мүчөлөрү социалдык багытта региондордо, жерлерде кандай көйгөй болсо, ошого жараша иш-чара өткөрөт. Мисалы, Нарын жергесинде кыздардын жана балдардын жатаканалары бар. Студенттерге жатакана ачуунун себеби, булар биздин келечегибиз. Облустун булуң-бурчунан окуйбуз деп студенттер келишет. Бирок алардын баарынын туугандары жок. Ошондуктан алар жатакана, же батир издешет. Төрт, беш студент болуп батирлерге биригип жашашат. Ошондой маалда ата-энесинен алыс, көзөмөл жок болгондуктан балдар туура эмес жолдорго түшүп кетиши мүмкүн. Мына ушул маселени чечүү үчүн кыздардын жана балдардын жатаканасы ачылган. Ошондой эле ЖИАнын бала-бакчасы жана ЖРТга даярдоочу окутуу бөлүмү бар. Жасалган иштердин баары жаштардын келечегине арналган. Жетим-жесирлер, майып балдар, карыялар үйүнө жардам көрсөтүп, зыярат кылып турабыз. Андан сырткары, ЖИА азыр “Ийгиликтүү ишкер – күчтүү мамлекет” деген демилге көтөрүүдө. Себеби, ишкердик өнүксө, салыктар көбөйөт. Салык көбөйгөн сайын пенсия, айлык акы, пособия да көбөйөт.

Даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Эл айыл өкмөтү үчүн жооп берүүсү керек

**«Жогорку Кеңештеги фракция башчылары айыл өкмөт болчу адам өзүн-өзү көрсөтсө да болот деп жиберишти. Элдин тагдырын аныктаган кадрга, анын жоопкерчилигине ушундай мамиле кылынууда. Мындай чечим туура эмес!» - дейт Нарын районунун акими Жанбоев Түгөлбай**

## Эт эмнеге арзандоодо?

Ишкерлер Евроазиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) киргенден улам эт арзандап кетти деп атышат. Карапайым эл да ошондой ойдо. Бирок эттин арзандоосу башка себептерге да байланыштуу. Эт эле арзандаган жок. Бардык керектөөчү товарлар, унаалар, үйлөр жана батирлер да арзандап жатат. Мунун терс жагын гана карай бербеш керек. Бүт дүйнө биригип, чогуу иш кылууга өткөн заманда президентибиздин жана саясий жетекчиликтин башка мамлекеттер менен интеграцияга баруу аракети туура. Эт арзандаганы айылдыктарга терс жактарын тийгизгени менен шаарлыктарга жакшы. Бул утурумдук көрүнүш. Нарындын, Кыргызстандын эти, картошкасы, сүт азыктары акыры сырткы рынокко чыгып, суроо-талапка ээ болот.

Кыргызстан өндүргөн айыл-чарба өндүрүмү өз керектөөсүнөн ашат. Эт, картошка, сүт азыктары керектөөдөн бир нече эсе ашык. Ошондуктан ашыкчасын сыртка чыгаруубуз керек. Ооба, ЕАЭБге кирип, бажы тосоттору алынгандан кийин мурда бизден эт, сүт жана картошка сатып алып жүргөн Орусия менен Казакстан эми Белорусиядан сатып ала баштады. Биринчи себеп ушу. Экинчиси – малдын санынын жыл санап өсүүсү да эттин арзандоосун шарттады. Биздин райондо бир жылдын ичинде кой 6000ге, кара мал 2-3 миңге өстү. Акча-каражат экономиканын башка тармактарынан мал чарбасына ооп жатат. Өстүрбөсө да сатып алып, байлап, бордоп семиртип, сатууга даярдагандар артты.

## Жалаң эле эт эмес

Малдын эти маанилүү. Бирок этин гана карап отура бербеш керек. Нарын району малды багуу жана анын асылдуулугун жогорулатуу менен алек. Бул багытта асыл тукум жылкыларды өстүрүп атабыз. Төлүн жакшыртуу үчүн Чүйдөн, Көлдөн, Орусиядан жана чет өлкөлөрдөн айгырларды сатып алуудабыз. Уйдун сүт багытындагы тукумун жакшыртуу боюнча 15 айыл өкмөттө 18 атайын жасалма уруктандыруу пункттары ачылган. Учурда бул ыкма менен туулган 23 музоо катталды. Былтыр жүздөн ашык сүт багытындагы музоо алганбыз. Булар бир эле учурда эт менен сүт багытындагы «Лимузин» жана «Сементал» породасындагы уйлар. Биздин тоолуу, суук шарттарга да чыдамдуу келишет. Койго келсек, буга чейин этине карап «Гиссар» жана «Эдилбай» тукумдарына көбүрөөк басым кылып келгенбиз. Ошентип койдун 70-80 пайызы кылчык жүндүү болуп кеткен. Эми эттин баасы туруктуу болбой, уяң жүндүү ак койлорго көңүл бура баштадык. Бул тукумдагы койлор жер-жерлерде 200дөн, 500дөн сакталып калган. Эмгекчил айылында Тентимишев Какылең деген аксакалдын уулдары миңге жакын жарым уяң жүндүү кой кармашат. Алардын чарбасын уруктандыруу фермасына айландыралы деп ниеттенүүдөбүз. Ак кой жүндүү жана төлдүү келет. Көбүрөөк эгиз туулат. Жасалма уруктандыруу пунктарына мамлекеттин каражаты корогон жок. Каражат долбоор жазып, донорлордон алынды. Акчанын 10-20%ы элден жыйналды.

> «Мамлекетте кадр даярдоо мүмкүндүгү жана күчтүү кадрлардын кору болуусу керек»

## Жетекчи сыпаты жок болсо кимди коёсуң?

Жергиликтүү бийликти эл, же депутаттар шайлайбы, же жогору жактагы аткаруу бийлиги түздөн-түз дайындайбы, бул экинчи маселе. Бычакка сап болуп берчү кадр барбы, мына ушул эң биринчи маселе. Мамлекетте кадр даярдоо мүмкүндүгү жана күчтүү кадрлардын кору болуусу керек. Кээ бирөөлөр жетекчини эл шайласа, калк айыл-айылга, уруу-урууга бөлүнүп кетет деп кооптонуп жатат. Биз 7-8 жыл мурун айыл өкмөттөрүн түз шайлап көргөнбүз. Ошондо эле чоң айылдар жана уруулар өз адамын өткөрүп кеткен. Учурда элдин айыл өкмөткө болгон талабы менен мамилеси түп-тамырынан болбосо да, бир топ өзгөрдү. Азыр түз шайлоого өтө берсе болот. Негизги көйгөй шайлоо өткөрүүдө эмес, талапкерди тандоодо. Шайлоого аттанган талапкерди ким тандайт? Жогорку Кеңештеги фракция башчылары айыл өкмөт болчу адам өзүн-өзү көрсөтсө да болот деп жиберишти. Элдин тагдырын аныктаган кадрга ушундай мамиле кылынууда. Бул туура эмес.



## Эл тандабайт, шайлайт

Мамлекеттик атайын орган кадр боло алчу жаштарды тандап, аны окутуусу, такшалтып таптоосу зарыл. Аны дайындаган соң ишке болгон мамилесин көзөмөлдөөсү зарыл. Айыл өкмөтү бир нече талапка жооп берүүсү керек. Элди жогорку билимдүү, 3 жылдан 5 жылга чейин мамлекеттик органдарда иштеген адам башкарса туура болот. Элдин милдетин алуу оор. Кадр милдетин толугу менен моюндап, элдин тандоосуна 3-5 талапкер сунса максатка ылайык болот. Мамлекеттик кадрларды даярдаган мекеме жетекчиси да, эл да өзү койгон айыл өкмөтү үчүн жооп берүүсү керек. Азыр бизге бардык тармакка кадр жетишпей баштады. Мисалы мал доктурлукту окугандар пенсияга чыгып кетишти. Учурда ветеринарияда окуган кесипкөй биздин райондо эле эмес, Нарын облусу боюнча жок. Конкурс уюштурсак бир да жогорку билимдүү ветеринар жок. Бул кадр даярдап, өстүрүүдөгү оркойгон кемчилик.

## Кемчилик туруктуулукка сокку урат

Кадр маселесинде тереңирээк, майда-чүйдөсүн эске алып ойлонуу керек. Учурда өкмөттүн токтомдору да, мыйзамдар да борбордон талкууланып, борбордон өтүп кетет. Элдин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдардына, мамлекеттик бийлик органдарына сунулбайт. Анан албетте чала болуп калат. Биз агрардык өлкөбүз. Борбордогулар элдин жашоосун толук билбейт. Ушундан кемчилик кетет. Анан ал кемчилик жүрүп отуруп башкарууга, өнүгүүгө, туруктуулукка зыяны тиет. Биз өлкөдө стабилдүүлүк орноду дейбиз. Өлкөдөгү ички стабилдүүлүк айыл өкмөттөгү, шаардагы туруктуулукка орнойт. Бийлик органдары менен элдин биргелешип иштөөсүнөн башталат. Мындай болбосо эл түрдүү наараазылык акцияларына чыгат. Сырткы стабилдүүлүк Президенттин жакынкы, алыскы коңшулар менен жүргүзүп жаткан саясатына байланыштуу. Туруктуулук сакталганда гана өнүгүү болот. Бийлик өзүнө элдин ишенимин арттыруу үчүн, анын суроо-талабын, мүдөөсүн аткарып, ага башчылык кылуусу керек.

## Кызматтагы кичинекей адамга чоң жоопкерчилик жүктөлөт

Кадр тандоо, өстүрүү жана резервге коюу кыргыз өкмөтүнүн облустардагы өкүлчүлүктөрүнүн моюнунда болушу керек. Болочок кадр тажрыйбасы бар күчтүү жетекчини жандап жүрүүсү зарыл. Акырындап жумуштун белгилүү бир бөлүгү ага жүктөлөт. Антпесе беш миң, он миң калк жашаган жерге тажрыйбасы жок, эл менен сүйлөшкөндү билбеген, элди баштап, артынан ээрчитип жүрө албаган жетекчилер башкарып, кыйналып жатпайбызбы. Кадрды жакшы жазылган мыйзамдын чегинде тандоо керек. Азыр конкурс деп койдук. Алтымыш суроо берилет. Мыйзамдын баарын жаттап алып компьютерге отурасың. Конкурстан ошол компьютер, башкача айтканда техника өткөрөт. Жетишерлик баа алып, өтүп кеттиң, бирок мекемени жетектей албайсың. Конкурсту көмүр же техника сатып алуу үчүн жарыяласа болот. Кызматтагы кичинекей адамга дагы чоң жоопкерчилик жүктөлөт. Ошону алып кете албайт. Эл менен иштөө, элдин арасында болуу, анын көйгөйүн чечүү, жумушту уюштуруу бул чоң чеберчилик. Мына мени да депутаттар шайлады, башканы да шайлап атышат. Бирок кадрдын туура эмес ишине эч ким жооп берген жок. Кадрдын жакшы иштеп, өсүүсүнө кимдир бирөө жоопкер болуусу керек да. Адис кылып алат, башкы адис кылат, анан бөлүм башчы кылып жылдырат дегендей. Конкурстан өткөн кадрды тандаган комиссия да утурумдуу. Ал бүгүн бар, эртең жок. Эч нерсеге жооп бербейт. Кароолчуга бир кампа өткөрүлүп жатканда да жоопкерчилик жүктөлөт. А кадр кампа эмес да. Аны мамлекеттик кызматка өткөрүп берип жатканда бирөө жооп бериши керек.


Даярдаган Эсен ӨМҮРАКУНОВ

# Сүйүнчү суроо тилемчиликке барабар

**Ата-энелик милдетти аркалоого камынып жаткан жубайлар төрөткананын босогосун аттагандан тартып, алдынан чыкканга акча берип отуруп, канча суммага кагылганын билбей башы маң болот. Жедеп айласы кеткенде кубанып турган атадан "моменттен" пайдаланып сүйүнчү алып сындыра калгандарын кантесиң. Бапырандагандар андайда миңдиктерди карматса, "скромныйлар" айла жок 200-300 сом берип кутулушат**

Бирок, элден укканыбыз боюнча бул жагдай Нарында кыйла башкача болуп чыкты. Ушундан улам чынбышыгын билип, өз көзүбүз менен көрүп чыгуу үчүн Нарын облустук бириктирилген оорукананын төрөт бөлүмүнө баш бактык.

Алгач бизди **акушер-гинеколог Үмөтова Бегайым** тосуп алып, төрөт үйүнүн абалы менен толук тааныштырып чыкты.



– Имарат 1993-жылы курулган. Ондоптүзөө иштери өз убагында жүрүп турат. 2003-жылы жапон грантынын эсебинен ар түрдүү жабдуулар алынып келген. Бизге Нарын облусунун бардык аймактарынан келет. Жылына 2500 ымыркай көз жарат. Анчалык деле айтарлык көйгөйлөр жок. Дары-дармек, жууркан-төшөк, баары жетиштүү. Төрөгөн аялдардан дары-дармекке деп бир сом дагы албайбыз. Айрымдар өз пейили менен сүйүнчү катары берсе алып коёбуз. Атайы барып сурабайбыз. Мен өзүм сүйүнчү доолаганды тилемчи катары эсептейм. Ишенбей турсаңар өзүңөр барып аялдардан сурасаңар болот.

## Бишкектен келип төрөдү

Аталган төрөт үйдүн шарты жакшы болгондуктан, алыскы аймактардан каттаган энелердин да катары көбөйө баштаган. Мисалы, алардын бири **Асел Бекбоева** алыскы Бишкек шаарынан келип көз жарыптыр.



Чынында, курсактагы ымыркайдын салмагы нормадан бир аз жогору болгондуктан, эжени операция жолу менен төрөтүшкөн экен. 4-жолу эне болуу бактысына ээ болуп отурган эне маңдайы жарыла кубанып отуруп, төмөнкүлөргө токтолду:

– Үч баламды Бишкектен төрөгөм. Бул төртүнчүсү. Улуусу 20 жашта. Кыркка таяп калган чагымда Кудайым бизди дагы перзенттүү кылып, бакытка бөлөп отурат. Өзүм да аман-эсен көз жарып алганыма сүйүнүп жетине албай турам. Операция 25 мүнөткө созулуп, балам 4 кг. болуп төрөлдү. Азыр абалы турукташып калды. Мен бир аз алсыз болуп, сүтүм жок болгондо кошумча тамак-аш берип жатышат.

Нарын облустук төрөт үйүндө жалпысынан 45 кызматкер иштегени менен кесипкөй дарыгер-адистер жетишсиз. Андыктан анестезиолог, педиатр, неанатологдор тиешелүү мөөнөттөн узак иштешет. Кээде 24 саат бою тыным албай, төрөт үйүндө түнөп калган учурлары дагы болот. **Бөлүм башчысы Темирова Барчынайдын** айтуусунда калган кошумча сааттарга акы төлөнбөйт. Мээрман айымдардын айлык акысы 7000 сом болсо, 1-категориядагы дарыгерлердики андан көп деле айрымаланбайт.



– Бир жылдары медиктердин айлык акысын жогорулатышкан. Жакшы эле сүйүнүп жатсак, кийин кайрадан кыскартып салды. Бирок ошого деле топук кылып иштеп жүрөбүз. Төрөт үйүндө кичи мед кызматкерлер жетиштүү. Бирок 1-2-категориядагы кызматкерлер аз. Ошондуктан күнүнө 1,5 ставка иштейбиз. Нөөмөт күндөрдө үйгө суткалап түнөбөй калабыз. Төрөт саны көп болгондуктан физикалык жактан жетишпей калабыз.

## Бир сом бергеним жок

Ат-Башы районунан келген **Күмүш Качыкеева** биз баш баккан учурдан 1 саат мурун эле көз жаргананын айтты. Баласын көкүрөгүнө кысып жаткан эне өзү араң жатса да, биз менен маектешүүдөн баш тарткан жок.



– Жергиликтүү оорукана баландын жүрөгү жакшы сокпой жатат деп ушул жакка жиберген. Бул жерде дарыгерлер кароосуз калтырган жок. Күйпөлөктөп айланчыктап эле жүрүшөт. Төрөт учурунда, же төрөгөндөн кийин кароосуз таштап коймой деген жок. Бишкекте же башка шаарларда акча берсең карайт, бербесең көңүл бурбайт дешет ко, бул жакта андай түшүнүк жок. Мен мисалы өзүмдүн жеке керектөөлөрүмө эле акча кетирбесем, ашыкча бир сом да чыгым болгон жокмун.



Жылына 2500 ымыркай көз жарса, алардын 400гө жакыны ара төрөлөт. **Дарыгер неанатолог Акматова Дамира** эне кош бойлуу кезинде ден-соолугуна көңүл кош караганынан улам балдар ара төрөлүп жатканын айтат:



– Кош бойлуу кезде эненин ден-соолугу канчалык чың болсо бала дагы ошончолук жакшы төрөлөт. Бирок калктын жашоосу бирдей эмес, кээ бир үй-бүлөлөр социалдык жактан толук камсыз болушпай, шарт жок болуп калат. Учурда энелер аз кандуулук менен жабыркап, кан басымы да жогору болууда. Айына жетпей төрөлгөнүнө байланыштуу, мээси, өпкө жүрөгү ички органдары толук жетилбей калат. Азыр бул баланын акыбалы оор. Дем алуусу кошумча аппарат менен уланууда. Биздин күтүүдөн башка аргабыз жок. Бала канча убакытта адам болуп жетилип кетет, аны бир гана убакыт көрсөтөт.

## Денеден-денеге жылуулук беребиз

Өлкө боюнча төрөттөн каза тапкан энелердин саны тилекке каршы аз эмес. Аны статистика дагы көрсөтүүдө. Көпчүлүк учурда эне өлүмүн дарыгерлердин шалаакылыгынан көрүшөт. Бирок **бөлүмдүн акушер-гинекологу Коңуратова Бактыгүлдүн** айтымында, ар кандай коркунучтун алдын-алуу үчүн эне өз ден-соолугуна жеткиликтүү көңүл бөлүүсү зарыл.



– Акыркы тапта эки эне төрөт мезгилинде каза тапты. Аларды экөө тең аябай оор акыбалда келген. Оорулары күчөп, өнөкөткө айланып баратканда кайрылышкан. Биз болгон чараны көрдүк. Бирок өмүрүн сактап кала албадык. Бирөө жан сактоо бөлүмүндө 7 күн жатты. Мындай кырсык көп жылдан бери боло элек эле, былтыр бир эне, быйыл бир эне көз жумду.

Андан сырткары, Бактыгүл Коңуратовна азыркы тапта үйдөн да, жол-белден да аман-эсен көз жаргандар бар экенин кошумчалады.

– Алыскы аймактарда жашагандар шартына байланыштуу үйдөн төрөп калат. Же төрөт үйүнө жетпей жолдон көз жарат. Анткени мындан 100-150 чакырым алыс жашагандар да бар да. Бирок бала үшүп келет. Эненин кийинки абалы биздин көзөмөлдө болуп, денеден-денеге жылуулук берүү деп баланы эненин бооруна коюп, жылытып алабыз.



Видеокөзөмөл жүрүп турат

## Эрте төрөгөндөр көбөйдү

Бирок, төрөтканада, деги жалпы эле Кыргызстанда акыркы мезгилде үрөйдү учурган окуялар да кездеше калчу болду. Мисалы, мындан бир нече ай мурун 14 жашар кыз баланын көз жарганы жалпыга маалымдалып, бир сыйра уу-дуу боло түшкөнү көпчүлүктүн эсинен чыкпаса керек. 20 жылдан ашык эмгектенип келген акушер-гинеколог Бегайым Үмөтованын айтымында жашы 18ге толо элек секелек кыздардын көз жарган учурлары кыскармак тургай, күн санап өсүп бараткан экен.

– Акыркы убактарда жаша жетелек кыздардын көз жаруусу негизги көйгөйлөрдүн бирине айланды. Былтыр 14 жаштагы кыз төрөп аябай чуу болбоду беле, андан кийин дагы 15-16 жаштагы кыздар төрөгөн учурлар катталды.



Турмушка чыгып балалуу болуш, ар бир аялдын тилеги деңизчи. Бирок, ошентсе дагы кыз физикалык жактан дагы, психикалык жактан дагы көз жарып, бала тарбиялаганга толук даяр болушу керек. Ал эми 15 жаштагы кыз өзү деле бала бойдон эмеспи. Ал эле эмес улгайып, буга чейин төрөгөн аялдар да атайы энелер мектебинен окуп, үйрөнүп келишет. Эне канчалык даяр болсо, ошончолук баласына дагы, биздин ишибизге дагы жеңил болмок, – деди ал.

Мына окурман, күнүбүздө эмнени болбосун айлыктын аздыгына, акчанын жоктугуна шылтоолоп, короосунда союлган каманды адалдагандар көбөйүп турганда, шарты катаал аймакта жашаганына карабай, тактыкка көңүл буруп, өз милдетин сүйүп аткара билгендер бар экени көргөн жандын көңүлүнө жылуулук тартуулайт. Анан калса, Нарын шаарындагы төрөткана туралуу жылуу пикирлер, көңүл кубанткан көрүнүштөрдөн соң, башка жерлерде да ушундай саамалыктар көбөйүшүн каалап, жалпы эл менен бөлүшүүгө ашыктык...

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



Операция учурунда

# Жакшы идея болсо сөзсүз колдойбуз

Жаштар уялбайт, орун бошотпойт, ата-энени сыйлабайт деген улуу муундагы адамдардын сөздөрүн көп эле угуп калабыз. Бирок "жаманы болбой, жакшы жок" деген сыңары келечектен көптү үмүттөндүргөн жаштарыбыз дагы жок эмес. Эмесе ойго келбес долбоорлорду ишке ашырып жаткан "Нарын Жаштар Ордосунун" жигердүү улан-кыздарына назарыбызды оодарсак

**"Нарын Жаштар Ордосунун" жетекчиси Жыргал Ражабов**

Жаштардын демилгеси менен "Нарын жаштар ордосу" 2012-жылы жергиликтүү өкмөттүн өкүлчүлүгү тарабынан жана ошол кездеги Жаштар министрлиги тарабынан каржыланып түзүлгөн. Учурда бул ордо ар тараптуу өнүгүп, ар кандай багытта иш алып барып жатат.

**1) Тамашоу борбору.** Анын астында түзүлгөн "Joke art" (күлкү маданияты) деген юмордук бөлүм ачылган. Учурда "Тамашоу" менен "Joke art" фестивалдарды, кечелерди, майрамдарды өткөрүп келүүдө. Бул бөлүм элдер жалан саясатташып, турмуш татаалдашып бараткан-да элдин маанайын көтөрөлү деген максатта иш алып барат.

**2) Экономика борбору.** "Жарандык коомду колдоо" коомдук фондунун кызматташтыгы менен "Жаштар" уюмунун мүчөлөрүнө жана жалпы эле жаштарга сабактар өткөрүлүү. Бишкектен окуп-билип келген нерселерибизди кайра жергиликтүү жаштарга үйрөткөнгө аракет кылып, атайын сабактарды өткөрөбүз.

**3) Социалдык ишкерлик.** Бул социалдык көйгөйдү чечүү менен өзүнө пайда алуу. Мындай ишкерликтен үч долбоорго, Нарын шаарынан бирөөнө, Ак Талаа районунан бирөөнө жана Кочкор айылынан бир долбоорго 6000 долларлык акча бөлүнгөнү турат.

**4) Саякат борбору.** Бул өзүбүздү-өзүбүз биринчи таанылы деген максатта ачылган. Азыр өзүбүздүн жерди билбегендер, таанымагандар бар экен. Ошону элге, жаштарга кеңири таанытканга аракет кылып жатабыз.

**5) АКИпресс бөлүмү.** Акипресс сайтынын Турмуш баракчасы бизге кошулду. Эл ичинде ЖМК төртүнчү бийлик дешет эмеспи. Ошол бийликти да өзүбүзгө кошуп алалы дедик. Азыр Нарында эмне болсо ушул борбор аркылуу чагылдырылат.

**6) naryn.kg сайты.** Буйруса, ал да жакында жумушун баштап калат.

Азыр «Алга Нарын» деген уюм түзүлүп, бизге кошулганы турат. Негизи буга чейинки түзүлгөн коомдун баары бизге кошулуп кеткен. Бирок, учурда биз менен иштегиси келип, Нарындын өнүгүүсүнө өз салымын кошкусу келген жаштар кайрадан уюм түзүп, чогуу иштешүүгө кызыгып келип жатышат.









## Буйруса, "Жаштар багы" ачылат

Андан сырткары, маркетинг жана бизнес тармагын «Нарын жаш лидерлерине» бергенбиз. Алар бул жагын да кароо менен бирге суу түтүктөрүн жасаганга, парктарды өнүктүрүүгө көңүл буруп жатат. Буга чейин каралбай калган, ал тургай аз жерден авто базар болуп кете жаздаган жер бар эле, ошону алып бак тигип, орундуктарды койдуруп, эс алуу бакчасына айлантышты. Сыртын болсо Нарын мэриясы тосуп бергени турат. Экинчиден быйыл "Тарых жана маданият" жылы жана Үркүндүн 100 жылдыгы болгону турбайбы. Ошого байланыштуу жаштарыбыз да тарыхын унутпасын деген максатта эстелик орноткону турабыз.

Андан сырткары, «Жаш данакер» деген уюм бар. Алар Нарындын таштанды челектерин алып, коюп беришти. Анан «Жаш ишкерлер ассоциациясынын» Нарын бөлүмү ачылган. Алар да келип ушул жерден орун алып, жайгашканы турушат. Алардын да ишкерликти өнүктүрүүгө багытталган көп максаттары бар экен. Ошондуктан биз дагы чогуу иштешели деп турабыз.

**"Тилек" коомдук фондунун жетекчиси Талант Ниязбеков**

## Кайрымдуулук унутта калбайт

Өзүм Түркиядагы туризм академиясын бүтүргөм. Бул жакта да туризм менен алектенебиз. Бизде 10дон ашык бөлүм бар. Ал бөлүмдөр туризм, маданият, бизнес, экономика, тамашоу, саякат, экология, илимий конференциялар болуп эсептелет. Булардын баарына акырындап жүрүп олтуруп жеттик десек болот. Бирок бизде "кайрымдуулук" бөлүмү жок болчу. Ошондуктан жакында эле негизги максаты кайрымдуулук болгон "Тилек" аталышындагы коомдук фонд ачтык.

## Ишмердүүлүгүнө, динине карабай жардам беребиз

Бул фонддун негизги максаты окуучуларга, студенттерге, ардагерлерге, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга ж.б ар тараптан муктаж болгон адамдарга ар-тараптуу жардам көрсөтүү болуп саналат. Бул жерде алардын ишмердүүлүгүнө, динине карап жардам берүү деген жок. Андан тышкары, жаштар арасында өзүбүздүн үрп-адаттарыбызды, салтыбызды, маданиятыбызды, тилибизди көтөрүү. Буга чейин бирикме болуп ачылбасак да кыйналаган адамдарга кийим-кече, азык-түлүк, мектеп куралдарын таратып берип жүргөнбүз.

## Кереги тийсе ал, кереги тийбесе бер

Бирикменин эң биринчи жасаган акциясы "Кереги тийсе ал, кереги тийбесе бер" деген аталышта болду. Бул жерде өзүбүздүн эле жергиликтүү адамдар өздөрүнө кереги тийбеген таза кийимдерди, китептерди, ашыкча азык-түлүктөрдү алып келип беришти. Аларды чогулткандан кийин өзүңүздөргө белгилүү болгондой жакыр, көп балалуу, муктаж үй-бүлөлөргө, балдар үйлөрүнө таркатылып берилүүдө. Бул акциянын дагы бир максаты көп балалуу жакыр үй-бүлөлөргө саан эчки алып берүү.

НАРЫН ЖАШТАР ОРДОСУ

## Жылмайганга жардам берүү

Экинчи акция "Жылмайганга жардам бериңиз" деп аталат. Көчөдө өтүп бараткан жөнөкөй адам болсун, депутат болсун, же ишкер, студент болсун баарына "анкеталарды" таркатабыз. Сурамжылоонун негизинде жеңүүчүлөрдү аныктап, белектерди ыйгарабыз.

## Жардамга муктаж үй-бүлөнү табыш оңой

Учурда жакыр үй-бүлөлөр боюнча маалымат топтоп жатабыз. Негизи буга чейин дагы муктаж үй-бүлөлөрдү аныктап, тактап алып, ошонун негизинде жардам көргөзгөнбүз. Коомдо аянычтуу үй-бүлөлөр өтө көп. Аларды табыш оңой эле. Андан тышкары, «Медер Шер» деген мүмкүнчүлүгү чектелген уюм менен да тыгыз иштешип келебиз.

Даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ



# Орозо боюнча дарыгердин кеңеши

**Улуу Рамазан айында бейтаптардан орозо тутуу боюнча көптөгөн суроолор келет. Бул аябай орчундуу көйгөй. Себеби оорулуу адамга орозо кармоого уруксат берүү же бербөө дарыгерлер үчүн өтө жооптуу жагдай**

Статистика боюнча дүйнө жүзүндө жүрөк-кан-тамыр, рак, өпкө оорулары жана башка илдеттерден миллиондогон адамдар каза болууда. Дүйнөлүк кризистен элдин бир бөлүгү жакырчылыкка туш болуп, стресске кабылууда. Ушундай татаал заманда биз – дарыгерлер да ооруларды айыктыруунун "арзан" жолун издейбиз. Мисалы, изилдөөлөр боюнча чылым тартуу, спирт ичимдиктерин таштоо, кыймыл аракетти көбөйтүп, салмакты азайтуу менен таблеткасыз эле жүрөк кан-тамыр ооруларын 70-80%га азайтса болот экен.

Иммунитетибизди көтөрүү, аз тамактануу, организмди бир жылда бир жолу шлактардан, топтолуп калган илдеттерден тазалоо усулу Рамазан айындагы Орозо экендигин үчурда көпчүлүк окумуштуулар тастыктап келет.

1400 жыл мурда Улуу Куранда: *"Силерден ким ушул айга күбө болсо, (туш келсе) орозо тутсун! Ал (бул айда) бирөө ооруп калып, же сапарга чыкса, башка күндөрдө санын толтурсун. Аллах силерге жеңилдикти каалайт, кыйынчылыкты каалабайт",* – деп айтылган. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммеддин: *"Орозо кармагыла – айыгасыңар",* – деген сөзү акысыз дарылануунун эң зор усулу экенине тажрыйбалуу дабагер катары шексиз ишенем.

Бул маалымат дүйнөлүк окумуштуулар менен дарыгерлердин изилдөөсүнүн жыйынтыктары гана, ошондуктан бардык бейтаптар баш ийип аткарчу жолдомо эмес экенин эскерте кетейин.

Учурда туш-тараптан сунушталып жаткан арыктоо ыкмаларынын баарысы Орозонун ордун толуктай албайт. Орозо организмде топтолгон ар түрдүү эски илдеттерден кутулууга эбегейсиз чоң салымын кошот. Орозо жүрөк кан-тамыр оорусуна чалдыгууну 40%га азайтат, астманы басаңдатат, рак ооруларын алдын-алууга жана иммунитеттин жогорулоосуна жардам берет. Бир күндүк ачка жүргөн организм "жеңил стресске" кабылып, жогорудагы оорулардын алдын-алууга чоң салым кошулат.

## Орозонун пайдалары

- Жапониялык окумуштуулар далилдегендей "тамактануу" биоритмди башкаруучу негизги фактор. Түнкү тамактанууга өтүп, эртеден кечке чейин ачка жүрүү менен биоритмибиздин бир жыл туруктуу иштөөсүнө шарт түзүлөт экен. Орозо биоритмди машыктырып, иммунитетти көтөрөт, адамдын жашаруусуна зор өбөлгө болот;
- Эртеден кечке чейин тамак кирбеген ашказан тамак сиңирүүнүн ордуна денедеги бүткүл жаман илдеттерди чыгаруу, тазалоо милдетин аткара баштайт. Тамак ооздон кирип, бардык этаптарды өтүп, жоон ичегиге жеткенге чейин 12-14 саат өтөт. Демек, орозодо ашказан менен бирге ичегилердин баары эс алат. Ашказандагы кислотанын азайышы менен жара (язва) оорулары пайда болуу ыктымалы да төмөндөйт;
- Боордун иштеши он эсе күчөп, организмдин уулардан арылуусун тездетет. Мисалы, орозодо аммиактын денеден чыгуусу 100 (!) эсе артат;
- Тамактын жоктугунан организм ашыкча майларды, ар түрдүү оорулардын арасында эми башталып келе жаткан рак илдетин да жоготууга киришет;
- 20-35 жаштагы аялдардын каныдагы пролактин гормону 80%га азаят! Пролактиндин азаюусу боюна бүтпөгөн аялдардын балалуу болушуна зор мүмкүнчүлүк жаратат;
- Орозонун башында эркектердин жыныстык кубаты бир азга төмөндөгөнү менен, орозо бүткөн соң орозого чейинки абалынан алда канча жакшыраак болгону далилденген;
- Денедеги суюктуктун азаюусунан улам адамдын тери оорулары орозо убагында айыгып кетүүсү, жок эле дегенде азаюусу байкалган;
- Аллергия оорулары орозодо дароо төмөндөйт. Аллерголог дарыгерлер ооруну айыктыруу үчүн кардарларын диетага олтургузуудан баштаарын жакшы билебиз;
- Орозо өттөгү жана бөйрөктөгү таштардын пайда болуусун алдын-алат. Себеби орозо заарадагы кальцийдин көбөйүшүнө, натрий менен калийдин азайышына алып келет;
- Сөөк, муундары ооругандарга орозо тутуу жана таравих намазын окуу чоң пайда алып келет. Мындай оорулуу орозо кармоо менен бир жылга чейин стационарга жатуу муктаждыктарынан кутулат.

## Кант диабети менен ооруганга

Мындан 5-6 жыл мурда дарыгерлер кант диабети менен ооруган бейтаптардын орозо тутуусуна катуу тыюу салчу. Учурда мындай бейтаптарга орозо тутууну баалуу кеңеш катары беришүүдө. Орозо кандагы кантты бир аз төмөндөткөнү менен боордун көрсөткүчүн, холестериндин курамын оң жакка өзгөртөрүн акыркы изилдөөлөр тастыктаган. Инсулинге көз карандысыз диабет менен ооруган адамдарга орозо кармоо аябагандай пайдалуу. Инсулин алган бейтап орозо кармагысы келсе, сөзсүз дарыгери менен кеңешүүсү зарыл. Мындай ооруларга Рамазанда 3 принципти карманнуу менен орозо кармоого уруксат берилет:

1. Дарысын так жана убагында колдонуу;
2. Диетаны катуу сактоо;
3. Кыймыл-аракетти көбөйтүү.

## Диабеттин кайсыл түрүндө орозо кармоого болбойт:

- Оор абалдагы, инсулин алып жаткан (I типтеги) бейтаптар;
- Канты тез түшүп жана тез көтөрүлүп кетчү оорулар;
- Дарыгердин кеңештерин аткарбаган бейтаптар;
- Кант диабетинен улам кан басымы жогору жана бөйрөктөрү начар иштегендер;
- Кетоацидоз (комага түшүп калуу коркунучу) болгон бейтаптар;
- Диабет менен ооруган кары адамдар.

Инсулин алып же кантты түшүргөн таблетка ичип жаткан бейтаптар дарыгери менен кеңешип эртели-кеч ичкен дарыларынын дозасын азайтып, колдонор убагын тактап алуусу зарыл! Дайыма дарыгердин көзөмөлүндө болушу керек.

## Кандай бейтапка орозо кармоо тыюу салынат:

- Оор абалдагы, башка адамдын жардамына муктаж болгондор;
- Өнөкөт жүрөк оорусуна чалдыккандар (сердечная недостаточность);
- Инфаркт жана инсульт болгон оор абалдагы бейтаптар;
- Оор гипертония оорулары;
- Бөйрөк жана боордун өнөкөт оорусуна кабылгандар;
- Бардык өнөкөт оорулардын козголгон абалында;
- Бардык инфекциялык ооруларда;
- Психикалык оорулар;
- Кош-бойлуу жана балалуу аялдар.

Мындай оорулуу орозо тутам десе, дарыгери менен кеңешип, ичип жаткан дары-дармектеринин убактысын жана дозасын (көбүнчө азайтылат) тактап алуусу керек. Бейтап орозосун кондиционер бар жерлерде кармаса жакшы болот. Күндүзү саат 14.00дөн – 17.00гө чейинки аралыкта 40-60 минута уктап алуу пайдалуу.

## Орозодо эмне менен жана кантип тамактануу керек?

Эртеден кечке чейин ачка жүргөн адам ооз ачканда (ифтарда) көп тамак жеп алуусу туура эмес. Бул ашказанга жана бүт организмге өтө зыян. Бул айда канчалык аз тамактанса, орозонун ошончо көп пайдасы тиет. Оозду суу жана курма менен ачуу Пайгамбарыбыздын сүннөтү катары да сунушталат, медицина жактан да туура. Себеби курманын 60-65%ын организмге тез сиңүүчү кант (фруктоза) түзөт. Фруктоза кадимки канттан айырмаланып, кандагы кантты тез көтөрүп жибербейт. 3 даана курма тамак системасын толугу менен иштеп баштоосуна шарт түзөт. Суу, чалап, шире көбүрөөк ичүү сунушталат. Себеби суюктуктун суткалык нормасы 2,5-3,0 литрге жакын болуусу зарыл. 15-20 минутадан соң тамак жесе болот. Жер-жемиш, салаттардын жеңил түрү да пайдалуу.

Ооз бекитүүдө жумуртка, ботко, балык, кургак жер-жемиштер, нан сунушталат. Куурулган жана майлуу тамактарды жегенге болбойт. Анткени алар кечке чейин суусатат. Соордо көк чай ичсе болот. Суусабай жакшы жүргүңүз келсе, бир стакан газдалбаган сууга чай кашыктын төрттөн биринче туз кошуп ичип алыңыз. Газдалган, өтө суук жана таттуу ичимдиктер сунушталбайт. Соордон кийин жатып албаш керек. Себеби жеген тамак кайра кызыл өңгөчкө өтүп, ашказан жана кызыл өңгөч ооруларын пайда кылат.

Ифтар убагында жакшы тамактануу зарыл. Себеби, ифтардан 1,5-2 сааттан кийин кандагы канттын көлөмү суткалык эң чоң даражага чейин жетет экен. Бул убакыт тараба намазына туура келип, аны окуганча жеген тамак сиңип, канттын кандагы көлөмү өз калыбына келип калары лабораторлук жактан такталган.

ХАЛМАТОВ АБДИМИТАЛИП,
медицина илимдеринин кандидаты,
жогорку категориядагы
врач-кардиолог

# Бизде эч кандай химиялык кошулма жок

Кыйынчылыктарга карабай өз бизнесин мыкты өздөштүрүп, тоскоолдуктарды жубайы менен жеңип келе жаткан Нарын шаарынын тургуну Жээналиев Бердибектин сүт өндүрүмү тууралуу азын оолак кеп...

### БУУ 2000 доллар берди

2010-жылдары өзүбүз өндүргөн өндүрүмдөрдү өзүбүз иштеп чыгаралы деп мени кошум фермага төрага кылып дайындап койду. Ошондо баарынын макулдугу менен сүт өндүрүү боюнча окуй баштадым.

Кийин Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) өкүлдөрү келип, иштерибизди көрүп 2000 долларга муздаткыч, газ плита, аллюминий идиштерди жана башка буюмдарды алып берди.

Иш баштаганда 60–70 литр сүт менен араң иштеп, чыгарган өндүрүмдөрүбүз өзүн актабай калып жатты. Чогуу баштаган эжелерибиз 1000 сомдон акчасын алып кетип калышты.

Ошентип жумушчу да жок, сүт да аз болуп жубайым экөөбүз кыйналып жүрдүк. Аңгыча USAIDге сүт иштетүү боюнча долбоор жазып, андан 120 миң доллар утуп алып сүт, каймак, быштактарды этикеткалары менен чыгара баштадык.

### Нарын 1 тонна сүт чыгарат

Бизде сүт табуу чоң маселе. Нарын району 1 тоннадай сүттү араң чыгарат. Көрсө бизде уй фермалар жок, жөнөкөй уйлар көп болсо 3–5 литр эле берет тура. Элдер да сүт сатып көнбөптүр. Эми сүт өтө баштагандан бери эл кызыга баштады. Баягында мектеп менен бала бакчаларды сүт азыктары менен камсыздоо боюнча тендерден утуп алдык. Бирок сүт аздыгынан камсыздай албай калдык. Негизи кышкысын Ат-Башы, Ак-Талаа, Нарын району биригип Нарын шаарын сүт менен камсыз кыла албайт экен.

Бизден каймак, быштак, кефир жана бышкан сүт чыгарып, мектептерге, бала бакчаларга таратабыз. Өндүрүмдөрүбүзгө эч кандай кошулмалар, химиялык заттар кошулбайт. Андан сырткары халал-стандарттан да өткөнбүз. Алар да келип ийне-жибине чейин текшерип турат. Өзүм да минтип сакал коюп, намаз окуп жүргөн соң андай жаман иштерге баргандан корком. Халал стандартка өткөргөндөр келип идиш жууган жышкыбыздан (щетка) баштап, трапкебизге чейин текшерип турушат.

### Жакында сыр чыгарабыз

Жайында сүт көбөйгөн кезде мектептер, бала-бакчалар жайкы эс алууга тарап кетет. Кышында алар келгенде сүт азаят. Ошондон улам биз Германиядан атайын технолог чакырдык. Эми сүт кенен кезде сыр чыгаралы деп атабыз. Нарындан чыккан сыр даамдуу болобу деген оюбуз бар. Анын үстүнө эч кандай кошулма кошпойбуз. Мисалы, азыр биздин каймактын, быштактын даамын билип калышты.

### Кышында кымбаттаарын биле баштшты



Бажы союзуна киргенибиз жакшы болуптур. Себеби азыр мал доктурлар да жакшы иштей баштады. Азык-түлүктүн сапатын текшерген лаборатория Нарын шаарында санэпидде эле бар экен. Биз ошол жактан азыктарыбызды текшертип турчубуз. Баарын өзүбүз текшертип, убара болор элек. Азыр болсо сүт өткөрөм, сатам дегендердин баарынан мал доктурлар справка талап кылышат. Себеби ЕАЭСке киргенден бери мал доктурларга вет-лаборатория келди. Алар күнүгө келип сүттү текшерип турат.

Азыр эл сүт кымбат боло-орун билип, уйларын күзгү туутка калтырчу болду. 2014-2015-жылы кышында сүт 45 сомго чыккан. Быйыл 30 сомдон ашкан жок.

Долбоор менен иштейм дегендер асыл тукум малга басым жасап атат. Мисалы биздин жергиликтүү торпок 6 айда 100 кг салмакты араң берсе, асыл тукумдар 250 кгга чейин берет. Асыл тукум музоолор биздин музоодон 10-15 см узундук кылат экен. Бирок, алар биздин шартта жүрө албайт. Ошон үчүн аны жасалма уруктандырып, аргындаштырыш керек.

### Кошулма жок

Биздики сырттан келген өндүрүмдөргө салыштырмалуу арзан. Мисалы, каймактын 400 граммы 40 сом, 250 граммдыгы 25 сом. А Бишкектен келген 250 граммдык идишке 200 грамм куюшат дагы, 35 сомдон сатышат. Быштактын сырттан келгени 200 граммы 55-60 сом болсо, биз 45 сомдон беребиз. Дүкөндөр бизден алгандан кийин ар кандай баада сатат. Аны биз карай албайбыз.

Андан сырткары, башкалар бат бузулуп кетпеш үчүн бир нерселерди кошушат. Биз эч нерсе кошпойбуз. Ошон үчүн 1 эле күнгө сакталат. Албетте сактоо жайындагы тапты караш керек. Мисалы, дүкөндөрдө башында быштактын баштыгы көөп кетип жатты. Көрсө, алардын муздаткычы тортко да ылайыкташкан экен. Ушундан улам чыр да чыкты. Бирок, биз элди көндүрүш үчүн, өтпөгөндөрдү, бузулгандарды кайра алып жатабыз.

Даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Евробиримдик деп балээге кабылдык

Евробиримдикке кошулгандан бери мал сыртка чыкпай калды. Ошого байланыштуу баасы да төмөндөп кетти. Бир койду мурда 10–12 миңге сатсак, азыр болгону 7–8 миңге эле сатып калдык. Мурда казактар келип соода кылып турушса, эми кайра алар бизге эт сатып калды. Казакка орустан жылкы, Белорусия менен Орусиядан уйдун эти келип жатат. Анан алар кайдан биздин этти алмак эле? Мурдагыдай эле жыргап жашай бериш керек болчу. Евробиримдиктин бизге кереги жок болчу. Кааласаң Америка, кааласаң Европа, кааласаң Түркия менен соода-сатыгыбызды жүргүзө бербейт белек. Азыр Дордой эмес, Казакстандагы Хоргос базары маанилүү болуп турат. Биз эч кандай пайда көрбөй калдык.

### Этимди кайда алып барам?



Мен өндүрүш кылайын десем Бишкектегеги супермаркеттерге беларустун, орустун эти толуп калган. Казактар жүрөт тушонкасын көтөрүп. Мен өндүргөн этимди кайда алып барам? Кантип өндүрүш кылам? Евробиримдиктин кысымы менен биздин рынок чет элдик өнөктөштөрдүн сапатсыз этине жык толду.

Мына биздин Нарындын, Ат-Башынын эти даамдуу дейбиз, бирок, калың эл ошону билеби? Казактын, кыргыздын байы той-топур берерде даамдуу деп биздин жылкыны таап сойдуруп жейт дешет. А карапайым элдин баары андай эмес да. Алар кимдики арзан болсо ошону жейт.

### Беларусияда колхоздор ошол эле боюнча

2012-жылы Нарындан делегация болуп Беларустун Могилёв шаарына барганбыз. Ал жакта колхоздор ошол эле боюнча экен. Болгону атын гана кооператив деп которуп коюшуптур. Талаада карала уйлары жайылып жүрүптүр. Станокторун алып барып, талаадан эле саап жатышат. Сүттөрү кайра иштетилип Орусияга кетет. Кийин ал уйлары карыганда союп, этин Орусияга айдап атат. Туубай калган картаң чочколору да, сүт бербей калган уйлары да, жумуртка бербей калган канаттуулары да этке кетет. Мына биздин базарды ошол эттер толтуруп жатпайбы.

Анын үстүнө Кытайдан да тоңдурулган эттер келип жатат. Өзүбүздүн этке суроо-талап азайды.



# Путинди карап ляппай, же капырай дейбизби?

Жума башында Казакстандын Астанасында өткөн Евразиялык экономикалык биримдик (ЕврАзЭБ) жыйынында Орусия президенти Владимир Путиндин «Бирдиктүү маалымат айдыңын түзөбүз» дегени биримдикке кирген өлкөлөрдүн саясий серепчилеринин көбүнүн каршылыгын жаратса, кээ бирөө колдоп да жиберди



## Серепчилердин бириккен пикири

Владимир Путиндин сунушун Орус мамлекетинин тегерегиндеги дүйнөлүк акыбал жана анын жашоочуларынын ага жооп катары кылган аракеттерине жараша ачыктоо туура болот. Алгач «Орусия президенти сунуштаган нерселер эмес», – деген өзгөчөлүктөрдү бөлүп алсак, маселенин башка жактарын талдоо оңоюраак болчудай. Бул Орусия ЕАЭБ мамлекеттеринин ичинен сөз эркиндиги боюнча алдыга чыккан мамлекет болгондуктан дүйнөнүн маалымат берүү стандарттарында бирдиктүү бололу дегендик эмес. Глобалдашуу доорундагы маалымат айдыңында, маалымат жана маалымат булактары тез өзгөргөн заманда жашап жатабыз, ошондуктан дүйнөлүк стандарттагы эң жаңы жабдыктарды, технологияларды жана усулдарды колдонууда биригели дегендик да эмес. Ал тургай, Кыргызстандын, Орусиянын же Казакстандын алдыңкы эркин маалымат булактарынын иштөө принциптерин алалы дегендик да эмес. Муну кайсыл өлкө сунуштап жаткан болсо, ошонун басымдуулугу жана күчү болгон, анын түсүн жана келбетин чагылдырган стандарттарды алалы деген сунуш экенине баардык саясий талдоочулар макул.

## Кыргызстандык эместер эмне дейт?

«Today.kz» маалымат булагынын сурамжылоосу боюнча, казакстандык серепчилердин басымдуу бөлүгү Орус маалымат булактары ансыз деле өлкөнүн маалымат айдыңында үстөмдүк кылып жатканын айткан.

**Досым Сатпаев** Москва бирдиктүү маалымат айдыңын түзүүнү ЕАЭБ түзүлүп баштаганда эле сунуштаганын, бирок бул демилге башка талапкерлердин колдоосун таппаганын айтып: «Орусия үчүн ЕАЭБ геосаясий долбоор. Долбоордогу күндемди калыптоо менен Москва аталган түзүмдү көзөмөлдөөнү максат кылууда. Казакстан үчүн бул кандайдыр бир маалыматтык коопсуздук жаратуусу мүмкүн. Ансыз деле Орусия казакстандыктардын бир бөлүгүнүн пикирин калыптап келет. Муну биз орустардын Украина жана Түркия менен араздашуусунан улам байкадык. Ошондуктан бул сунуш Казакстан үчүн кабыл алгыс», – деген оюн айткан.

**Талгат Калиев** ЕАЭБде ар бир өлкө өз көмөчүнө күл тартып келгенин белгилеген. Мисал катары казакстандык өндүрүмдөрдүн орусиялык базарга кирүү көйгөйлөрүн айткан серепчи: «Башка тармактарда кандайдыр бир экономикалык кызыкчылыктар бар болсо да, маалымат айдыңында саясий таасир берүүдөн башка эч нерсе жок. Орустар ансыз деле биздин маалымат айдыңында үстөмдүк кылышат. Чындап келгенде биз алардын айдыңында жашап атабыз. Биздин ЖМКлар болсо Орусияга жеткен жок. Ошондуктан Путин мырза эмнени айткысы келгени белгисиз», – деп сөзүн аяктаган.

Чын эле Орусиянын «Google» сыяктуу «Яндекс» деген маалымат издегичи бар. «Facebook», «Twitter» же «Instagram» сыяктуу коомдук тармактардын ордуна «Одноклассники», «Агент» жана «Мой мирин» сунуштай алат. Мамлекеттик кызматкерлерине «WhatsApp» жана «Viber» сымал орусиялыктар түзгөн сүйлөшүү булактарын ойлоп таап, ошол аркылуу сукпатташууну сунуштаганына караганда, кээ бир авторитардуу мамлекеттердегидей интернеттин жабык системасын да сунуштай алат.

Казактын саясий серепчиси **Данияр Ашимбаев** учурда орусиялык ЖМКларга казак тилдүү гана маалымат булактары турушту берип келе жатканын айтып: «Орус тилдүү ЖМКларыбыз сапатына көңүл буруусу керек, анткени маалымат айдыңын кандайдыр бир контентке толугу менен жаап салуу мүмкүн эмес», – деген бүтүм чыгарган.

Украиналык «Демократиялык демилге» фондунун серепчиси **Руслан Кермач** Владимир Путиндин айтканын кооптонуу менен карап керек деген оюн айтып, сөзүн: «Мамлекеттин маалымат айдыңындагы алсыздыгы эмнеге алып келерин Украинанын ачуу тажрыйбасы көргөздү. Орусиянын Крымды тартып алуусу жана Донбассты бөлүү оюндарын ишке ашыруусу украиналык бийликтин маалымат коопсуздугуна көңүл бурбаганынан келип чыкты», – деп жыйынтыктаган.

## Кыргызстандыктар эмне дейт?

«Today.kz» маалымат булагына Кыргызстандык саясий серепчи **Токтогул Какчекеев** орусиялык лидерге олуттуу мамиле кылып, кулак салуу керектигин белгилеп: «Бирдиктүү маалымат айдыңы көзкарандысыздыкка кедергисин тийгизбейт. Тетирисинче, диний экстремисттерди, казак, кыргыз жана оруска каршы аракеттери менен таанымал интернет сайттарды жана үгүттөөчүлөрдү көзөмөлдөгөнгө шарт түзөт», – деген оюн айткан.

**Турат Акимов** аттуу серепчибиз Орусия өзөктүк куралга ээ болгон мамлекет катары биздин аскердик коопсуздугубуз менен саясий көзкарандысыздыгыбызды камсыздайт деген жорум кылып: «ЕАЭБге кирген мамлекеттер түрдүү маалымат агымдарын колдонсо, биригүү оорлошот. Мына кызыкчылык жана руханий баалуулуктардын айырмачылыгынан улам Украина менен Орусиянын ортосунда эмне болуп атат? Мында бир пикирге келүү кыйындап, сөзсүз сырткы ортомчулардын башкаруусуна кабылып калабыз», – деп жиберген.

Саясий серепчи **Искендер Ормон** биз токтойбуз десек да, дүйнө айланат деген пикирдин тегерегинде болуп: «Калкыбызды бир тараптуу маалымат менен чектесек, чектөө киргизгендердин куралына айлантабыз. Биз дүйнөдөгү эң алдыңкы маалымат каражаттары менен коомубузду эң тез кабардар кылышыбыз керек. Элибизди бир эмес көп тараптуу маалымат булактары менен сугаруубуз туура болот. Жакшылардан качуу менен эмес, кыйындарга жанашуу менен утабыз. Кыргызстандагы эң алсыз футбол командаларды утуп алуу менен дүйнөдө эң жакшы футболчу болобуз десек жаңылган болобуз. Футболдо эң жакшы даражага дүйнөнүн күчтүү командалары менен кызматташып, алар менен атаандашканда гана жетебиз», – деген оюу менен бөлүштү.

«Демократ» партиясынын лидери **Эсен Момункулов** ата-бабаларыбыз дайыма эгемендүүлүк үчүн күрөшүп келишкенине токтолуп: «Эгемендүүлүктүн эң негизги атрибуттарынын бири бул маалымат коопсуздугу. Ал болбосо биздин аң-сезимибиз алсырайт, элибиз келечекке барчу жолдорун аныктай албайт. Биз кандай уюмга кирип, келишимдерге кол койбойлу өз кызыкчылыгыбызды аныктап туруп кадам таштообуз керек. Чоң мамлекеттердин лидерлери мындай сунуштарды айтышы мүмкүн. Биз жеке кызыкчылыгыбызды карап туруп, кабыл алабыз же албайбыз. Бир уюмга мүчө болуу – болгон эгемендүүлүгүбүздү башкалардын кепилдигине өткөрүп берүү деп түшүнбөш керек. Эгемендүүлүк маселеси турган жерде экономикалык жана саясий кызыкчылык талкууланбайт. Биздин эгемендигибиз менен эркиндигибизди чектей турган ой же долбоорлорго, же келишимдерге макул болуп, кол койбош керек. Заманбап дүйнөдө бизди эч ким кыйнап шектүү долбоорлорго киргизе албайт», – деген пикири менен бөлүштү.

## Демек...

Орусиялык маалымат саясатынын тегерегинде биригебиз деген болсок, «Орусиялык ЖМКлардын абалы кандай?» деген суроого жооп берүүбүз керек. Азыркы учурун карасак, бир тараптуу маалымат берген ЖМКлары гана бар. Сөз эркиндиги жакшы абалда деш кыйын. Сындоо бар дегенде да «Эхо Москвага» окшогон чектелүү сын айта алган, мамлекет башкарып, багыттап турган эркин ЖМК сыпатынан узак стандарттары бар. Дүйнөлүк абройлуу ЖМКлардын өкүлчүлүктөрүнүн кенен иштөөсүнө бөгөт коюлган. Биз бул стандарттарды кабыл алсак, мамлекет катары маалымат эркиндигинде бир топ эле артка чегинген болобуз. Ошондуктан орусиялык президенттин сунушун өтө опурталдуу, өтө орой айтылган сунуш катары кабыл алуубуз керек. Дүйнөгө аймагы, же кен байлыктары менен эмес, Борбор Азиядагы жалгыз парламенттик башкаруусу бар жана сөз эркиндигибиз алдыда болуусу менен таанылып, сыймыктанып келген Кыргызстан үчүн кабыл алууга мүмкүн болбогон нерсе. Путиндин сунушун кабыл алууну өлкө жана улут келечегине бөгөт жана катуу сокку катары кабыл алуубуз керек. Себеби эркиндик адамдардын пикиринин жана ой толгоосунун эркиндигинен башталат. Алар болсо маалымат эркиндигинен келип чыгат, калыптанат жана бышып жетилет. Биздин эгемендүүлүгүбүздү, кызыкчылыгыбызды, негизги баалуулуктарыбызды колдогон, коштогон маалыматтар азайып, бөтөн элдин пикири жана кызыкчылыгы үстөмдүк кылса, биз Кыргызстанда туруп кыргызстандык эмес жаранга айланабыз.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Такең Польшаны Олимпиадага кошту



Кыргызстандык Талант Дүйшөбаев машыктырган гандбол боюнча «Виве Кальце» командасы 2015–2016 чемпиондор Лигасында жеңишке жетишти.

Чемпиондор лигасынын финалы 28–29–майда немистердин Көлн шаарында болуп өттү. Бул мелдеште Франциянын «ПСЖ», Германиянын «Киль», Польшанын «Виве Кальце», Венгриянын «Веспрем» командалары күч сынашкан.

Дүйшөбаевдин тобу чүчү кулактын жыйынтыгы боюнча француздардын «ПСЖ» командасы менен беттешип, 28–26 эсебинде жеңишке жетишкен. Финалдык оюнда өткөн жылдын жеңүүчүсү болгон мажарлардын «Веспрем» командасы менен таймашты.

Биринчи таймда мажарлар үстөмдүк кылып, оюн эсебин 17–13 кылышса, намыстанган Талант Дүйшөбаев оюнчуларынын чучугуна жеткен сөздөрдү айтты белем, «Виве» жанданып, экинчи таймда оюн эсебин теңегенге үлгүрдү. Эсеп 29–29 болду.

Атайын берилген кошумча убакытта оюн эсеби 35:35 болду. Айла жок жеңүүчү матчтан кийинки бүллитте аныкталмай болду. «Виве» командасынын акыркы чабуулунда эсеп теңелип, чабуулга испандык Юлен Агинагельде чыгып, «Веспрем» командасынын дарбазачысын алдап өтүп, чагылгандай сокку урганга жетишти. Ошентип эсеп польшалыктардын пайдасына чечилип, оюн 39:38 болуп жатып калды. Бул матчта польшалыктар алгачкы жолу чемпиондор лигасынын чемпиону болду.

Ал эми Талант Дүйшөбаевдин Чемпиондор лигасындагы бул жеңиши төртүнчүсү болуп саналат. Ал мурда да 2006, 2008, 2009–жылдардагы турнирлерди жеңип келген.

Талант Дүйшөбаев 2016–жылдан бери Гандбол боюнча Польшанын курама командасын жетектеп, аны биринчи жолу 2016–жылкы Олимпиадалык оюндарга сүрөп чыкты.

# Ashu Grand Prixдин чемпиону В.Копытин



28–майдан 29–майга чейин жыл сайын арышы арбып бара жаткан «Ашуу Гран–При» аттуу веложарыш жана велотур болуп өттү.

«Ашуу Гран–При Кемин» жыл сайын велотур жана веложарыш коштогон эки күндүк иш чара. Бул жылы мындай мелдеш 5–жолу өткөрүлүп жаткандыктан маарекелүү деп саналды. Веложүрүштүн максаты Кыргызстанда велоспортту өркүндөтүү менен катар туризм тармагын өстүрүү да болуп саналат.

Уюштуруучулардын айтымында бул иш–чара эң чоң долбоорлордон. Алар 2012–жылы Кеминде жана Ысык–Көлдүн түштүк жээгинде, андан сырткары, 2013,2014,2015–жылы да ушул аймактарда веложүрүштөр болуп өткөнүн айтышат. Велотурларга Кыргыз Республикасынын мурунку президенти Роза Отунбаева баш болгон жогорку мамлекеттик кызматкерлер да катышкан.

Өткөн жылкы иш–чарага кыргызстандыктардан тышкары жакынкы чет өлкөлүк коноктор келишкен. Велотурга атайы машыккан спортчулар менен катар, аталган спортту сүйүүчүлөр да барышты.

Бул мелдеш айыгышкан мүнөздө өтүп, аялдар арасында 1–орунга казакстандык Екатерина Степанова, 2–орунга кыргызстандык Чолпон Асанкулова, 3–орунга кыргызстандык Елена Николаевалар татыктуу болушту.

Эркектер арасында укмуштуудай атаандашуу болду. 1–орунга Валерий Копытин ээ болсо, 2–орунду Требунский, 3–орунду Олег Собко ээледи. Сый тактысында ар кандай жарыштарга катышып жүргөн кыргызстандыктар үстөмдүк кылышты.

# Алтын медал ээси – кыргызстандык кыз



Кыргызстандык спортчу Екатерина Старикова гиря спорту боюнча дүйнөнүн Кубогунда алтын медалдын ээси болду. Бул мелдеш жаңы эле Санкт–Петербург шаарында болуп өттү. Турнирде сегиз өлкөдөн келген балбандар күч сынашты.

Кыргызстандын гиря спорту боюнча федерациясынын генералдык катчысы Шамиль Яргаевдин айтымында Кыргызстандан бул турнирге 63 кг. салмактагы Елена Старикова катышкан. Ал 24 кг салмактагы гиряны 144 жолу көтөргөн. Екатерина мурун да бир канча жолу чоң–чоң дүйнөлүк деңгээлдеги старттарга юниорлор арасында катышып келген. Бул сапар жашы жетилген спортчулардын катарында, болгондо да престиждүү профессионалдардын катарында катышты. Шамиль Яргаев: «Гирячыларды алдыда дагы Улан–Удеде, Лас–Вегаста, Австралияда өтө турган дүйнө Кубогу, Казакстанда өтө турган дүйнөлүк чемпионат күтүп турат. Бирок биздин спортчулар бул мелдешке катышар–катышпасы арсар. Анткени бардыгын каржы маселеси чечет», – дейт.



# Евро-2016: футболчулардын кимиси табында

УЕФАнын Player Barometer аттуу расмий сайты футболчулардын табын сынаган жаңы рейтингди жарыялады. Анда Криштиану Роналду озуп чыккан. Златан Ибрагимович менен Антуан Гризманн андан бир аз артта калышкан. Атайын иштелип чыккан усул футболчулардын расмий статистикасын талдап, жыйынтык берет. Ошонун негизинде оюнчулардын орундары белгиленет.

Жадыбал спортчуларды тандоо айлампасынан башталат. Андан кийин 2016–жылы клубу жана курама командасы менен ойноген оюндары эске алынат. Андан кийин Barometer футболчулардын Европа чемпионатындагы оюнун эсепке салат.

Эң жаңы ойнолгон оюндардын упайы мурунку оюндарга караганда көбүрөөк болот. Эгер оюнчу матчты ойнобой өткөрүп жиберсе, анын ал күнкү рейтинги төмөндөйт деп билдирет УЕФАнын маалымат кызматы.

Рейтингдин алгач ондугу:

1. Криштиану Роналду («Реал Мадрид» жана Португал курама командасы).
2. Златан Ибрагимович («Пари Сен–Жермен» жана Швед КК).
3. Антуан Гризманн («Атлетико» жана Франциянын КК).
4. Жеймс Милнер («Ливерпуль» жана Англис КК).
5. Сауль Ньигес («Атлетико» жана Испан КК).
6. Коке («Атлетико» жана Испан КК).
7. Серхио Рамос («Реал» жана Испан КК).
8. Тони Кроос («Реал» жана Герман КК).
9. Хуанфран («Атлетико» жана Испан КК).
10. Марек Гамшик («Наполи» жана Словак КК).



# Жаш шахматчылар сыйланды

31–майда Скрябин атындагы Улуттук агрардык университетте өлкөнүн президенти Алмазбек Атамбаевдин Кубогуна татыктуу болгон эң мыкты шахматчыларды сыйлоо аземи болуп өттү.


260 катышуучу сыйлык катары берилген китептерди алышты. Ал эми ар кандай курактагы топтордун жеңүүчүлөрү планшеттер менен сыйланды. Биринчи орунду алгандар президенттин Кубогун алышты. Иш–чара турнирдин катышуучуларын гана эмес, алардын ата–энелеринин да майрамына айланды. Сахна кара жана ак түстөгү шарлар менен шөкөттөлүп, ар кай жерлерде шахматтык фигуралар коюлган.

Эң жаш катышуучулардын ичинен 1–орунду С.Чыңгыз аттуу алты жашар бала ээлесе, 2–орунду Т.Шүкүралиев, 3–орунду Б.Ли аттуу жеткинчек алды.

Кыздар арасында 1–орунга Э.Нурланова татыктуу болсо, 2–орунду А.Съездбекова, 3–орунду А.Кыргызбаева ээледи. Сыйлоо аземинде ошондой эле 8, 10, 12, 14 жаш курактагы балдар да өздөрүнө тиешелүү байгелерди бөктөрүнүп алышып, үйлөрүнө кубанычтуу маанайда таркашты.

# Боордоштор

*(аңгеме)*



Өзүнө бир кыйла чоң келген сарала-сурала көйнөкчөн 5-6 жашар тестиер бала эшиктен шып этип чыга келди да шашмалай басып бурчту айланып туруп калды. Кимдирбирөөдөн жашынып атабы, же дагы бирөөнүн артынан келишин күтүп атабы, айтор, улам-улам кылчактап эшикти карап коёт. Бирок, анын артынан эч ким чыккан жок. Бечара бала эми эмне кыларын билбеген немедей бүрүшүп отура калды. Илмийген арык колу менен бет алдын тумандатып жаткан көз жашын улам сүртүп коюп, энтиге-энтиге ыйлап жатты.

Имараттын маңдайындагы короодо болсо бир топ бала чуулдап ойноп атышкан. Тигил бурчта ыйлап отурган бала менен алардын бирөөнүн да иши болгон жок. Бир гана бак ичинде өзү теңдүү үч кыз менен отурган Асель аны тээ эшиктен чыккандан тартып эле көзүн албай байкап турду. Качан гана тиги бүк түшүп отура калып, көзүн улам-улам аарчып атканын көргөндө шыпылдай басып жетип барды.

- Аскар! Аскартай! Сага эмне болду? Эмнеге ыйлап атасың? – деди ал жетип келип маңдайына отура калып.

Селт-селт этип улутуна бышактаган бала ага эч жооп айта алган жок.

- Аскартай айтчы, эмне болду сага? Бирөө уруштубу? – Асель эңиле калып энтелей сурады.

- Жок. Мени урушкан жок. Айзат эжени урушту. Апам аны аябай катуу уруп атат.

Аскар ушуну айтып үңүлдөп ыйлап жиберди.

- Качан? Эмнеге урду?

Көз жашына муунуп сүйлөп албай атып араң жооп берди.

- Мен... мен... мен деген китепке сүрөт тарткан болчумун. Ал сүрөттү болсо апам көрүп калыптыр. Анан ал аябай жинденип...

Кыз чыдамы түгөнгөндөй сөзүн бөлүп сурап жиберди.

- Анан сени катуу урдубу?

- Жок. Ал биринчи «китепти ким булгады» деп катуу кыйкырды. Мен коркуп кетип унчукпай туруп калдым эле апам түз эле мени карай басты. Ал мени колундагы чыбык менен урганы жаткан.

Жаак ылдый тоголонгон ысык жаштарына ээ боло албай бышактап жатты. Баланын ыйлаганына мууну бошоп турган кыз өзүн зорго кармап акырын сурады.

- Анан катуу чаптыбы?

- Жок. Ал мени чапкан жок. Ал Айзат эжемди чапты.

- Айзатты дейсиңби? Аны эмнеге чапты? – таңыркай сурады Асел.

- Айзат эжем алдыма тура калды да. Ал «сүрөттү мен тарткам» деп калп айтты. Апам болсо ага ишенип алып аябай катуу ура баштады.

Жаак ылдый аккан жашын топуракка ойной берип туурулуп кеткен кичинекей колу менен сүрткөнчө башын бурчтан чыгарып эшик тарапты дагы карады.

- Ийи, байкуш Айзат ай... Болду эми Аскартай, ыйлаба. Жүрү, андан көрө Айзатка карайлы. Ал кайда азыр?

- Билбейм. Аны апам чачынан жулкуп эски кампага сүйрөп кеткен.

Аскар ушуну айтты да кыздын колунан кармай калып былдалап жалына баштады.

- Асель эже, апама Айзат эжени урбаңыз деп айтыңызчы. Сүрөттү ал тартпаптыр, Аскар тартыптыр деңизчи. Мен өзүм барганда коркуп айта албай калам. Сиз айтыңызчы, Асел эже. Мейли мени ура берсин. Мен туруп берем. Барып айтып келиңизчи, суранам.

- Аскар, апаман мен да корком да. Кантип айтам эми ага. Ал мени да урушсачы, - деди Асель да жалтаңдай. Муну айтып жатканда анын да көзүнөн жашы кылгырып жаак ылдый тоголонду.

- Асел эже, жүрү экөөбүз тең баралы анда. Ал Айзат эжемди кыйкыртып уруп атат. Сиз эптеп айтып эле коюңуз болду. Жүрүңүзчү. Мени болду эч качан, эч качан сүрөт тартпайт деп айтыңызчы. Атамды дагы, апамды дагы тартпайм мен. Эч кимди тартпайм. Айзат эжемди эле урбасын деп айтып коюңузчу.

Ансыз да Айзатты ойлоп айласы кетип турган Асел беркими минтип чырылдап берген соң тобокелге салып, барып көрмөй болду.

- Макул. Макул анда. Жүрү, экөөбүз тең баралы. Эптеп токтотолу, жүрү. Сен менин артымда эле тур макулбу. Анан мен айтып койом. Менин артыман чыкпа бирок, макулбу...

Эски-уску эмеректер, кыйшаңдаган столдор үйүлүп жаткан бөлмөнүн наркы төр жагында сары дуңкуйган аял кичинекей кызды бурчка тургузуп алып ажылдап урушуп, чыбык менен колго-бутка чаап уруп жатты. Бир колуна чыбыкты оңтойлой кармап, бир колуна болсо барактары ажырап кеткен, сапатсыз кагаздар менен басылган эски китепти кармап алган.

- Сен кандай кызсың я, деги?! Мындай бейбаштыгыңды качан коёсүң сен?! Мобул китеп канча турат билесиңби? Канчалаган акча менен келээрин билесиңби деги мунун? Алдагы саксайган башыңа бирдеме киреби, я? О шумүрөйгөн какмар! Сүрөт тарткан колуң ушубу сенин?! Кана берчи ошонуңду экинчи калем кармагыс кылайын!..

Ушул убакта бөлмөнүн эшиги кычырай ачылып Аскар менен Асель акырын ичкери кирип келди. Бирок, экөө тең корккконунан босогодон нары өтө албай бири-бирине корголоп тыгылып, туруп калышты. Анткени менен заар чачкан аял аларды дааана көрдү.

- Силерге эмне болду?! Чыккыла эшикке! – деп заңк этти ал.

- Апа, апа, - деп үнү дирилдей мукактана сүйлөдү кыз.

- Ападан айлангыр! Жогол деп жатам! Чыгып кет эшике!

- Апа...

- Жогол дейм нары! Кандай укпаган немесиң сен?! - аял ого бетер заарлана кыйкырып тигил экөөнү карай жулунду. Анын бери келатканын көрүп коркуп кеттиби, же ушунча болду айтчумду айтып алайын дедиби Асель автоматтан аткандай былдылдап сүйлөп баштады.

- Апа, ал сүрөттү Айзат тарткан эмес. Аны Айзат тарткан эмес апа. Аны урбаңызчы, апаке. Айзатты урбаңызчы, аны ал тарткан эмес.

- Эмне?! Эмне дейсиң?! Айзат тарткан эмес дейсиңби?! Айзат тартпаса ким тартты анда?!

- Ал сүрөттү Айзат тарткан эмес, апа... Аны Айзат тарткан эмес...

Өзү ушинтип шашмалап сүйлөп жатканы менен качан чыбык чыпылдап тие баштайт дегендей жалтанып, эшиктин түбүндөгү бурчту карай тыгыла корголоду. Бирок, ошондо да өзүнөн бетер алаңдап артында турган Аскарды унутпай, өз денеси менен калкалап, ары түрткүлөп баратты.

- Силер эмне башты айлантып жатасыңар, я?! Мен силерге оюнчукмунбу же?! Ал эмес, бул эмес деп кечке мээни ачытпай айт батыраак! Ким тартты анда сүрөттү?! Ким! Батыраак айтпайсыңбы былжырабай!

Аял ушунтип бакырган сайын кичине кыз ого бетер корголоп, башын ката берди. Ошондон улам анын бир да сөзү тыңгылыктуу угулган жок.

- Эй, башыңды көтөрүп, бери карап сүйлөчү, акмак! Мына мындай туруп сүйлөчү!

Сары аял Аселди желкеден аткый кармап бери карай тартып, нары-бери жулкулдатып-жулкулдатып туруп бөлмөнүн ортосун карай силкип жиберди эле, бечара кыз сүрдүгүп барып тизелеп жыгылып, кайра турду. Анын артында турган Аскар болсо корккконунан көзүн алайтып нары дубалга тыгылды. Бирок аял ага көңүл бурган жок.

- Кана айтпайсыңбы билсең, ким тартты эле сүрөттү?! Айт деп жатам сага! Сүйлө былтыйбай!

Асел этек-жеңин кагынып, оңдонуп жатып нары жакта турган Аскарды көзүн жалжылдата карап алды да:

- Мен тарткам апа. Ал сүрөттү мен тарткам, - деди. Кайдан-жайдан бирөө кубат бере калгандай чечкиндүү сүйлөдү бул жолу. Эми аёо болбойт деп корккконунанбы, же ызаланганынанбы, айтор, көзүнөн мөлт эте жаш куюулуп, тула бою дир-дир титиреди. Аялдын колундагы чыбык дароо асманга көтөрүлүп, чып-чып этип кызга урула баштады.

Байкуш кыз чыбыктын ачуусуна чыдай албай апакелеп кыйкырып үйүлгөн столдорду аралай качты. Даңкыйган аял болсо анын жаны кейигенин ойлоп да койгон жок. Тек гана балапанга тап койгон таз жорудай далбактап артынан түштү. Бирок ал кызга жете алган жок. Жанатан бурчта тыгылып турган Аскар чымылдаган бойдон аялга жете келип бутуна оролуп, этегине чалынып чырмала кучактады да балдырап ыйлаганча жан алы калбай сүйлөп баштады.

- Апаке, апаке! Асел эжемди урбаңызчы, суранам. Ал сүрөттү мен тарткам апа! Мен тарткам. Экинчи эч качан сүрөт тартпайм, апа! Асел эжем тарткан эмес сүрөттү! Мен тарткам. Апа, мен тарткам аны....

Ансыз да бышкан өрүктөй албырып, ачууга уугуп турган аял тырмактай немени бутка будоо болгонуна ого бетер ачууланып туттугуп калды. Тээ тизесине жетип жетпей тырмаңдап жүргөн немени аткый кармап ыргытып жиберүүгө далкыйган чоң денеси тоскоолдук кылып, бир далайга убара боло түштү. Болбосо буга алты жашар бала кеп болуп калыптырбы. Эптеп илине түшсө бир серпүү менен наркы дубалга жабыштырып таштамак. Колуна гана илинбей жатты да. Ошого итатайы тутулуп, туттугуп , кыжынып атып акыры көйнөгүнөн бурдай кармап сууруп чыкты да, нары карай шилтеди. Дагы жакшы, канчадан бери баладан-балага өтүп, жүз жолу жуулуп, жүз жолу кургап отуруп жедеп сүзүлүп бүткөн сарала көйнөк чарт айрылып кетти. Болбогондо бул бала камгактай учуп наркы үйүлгөн столдордун арасына кирип кетмек. Оо, анда сөзсүз бир жери кокустайт эле бечаранын. Кудай чоң сактады бейм ушул жерден. Бир өңүрү жулунуп кеткен көйнөктүн бир бурдамы аялдын колунда калды да, чала серпилген бала нарырак барып чалкасынан түшүп жатып калды.

Күчөнүп ыргыткан күүсү куру кеткенине ыза болгон аял күчүн эми жанагы чыбык менен чыгармай болду. Анысы жаңы эле бала менен алпурушуп атканда жерге түшүп кеткен. Шашмалап эңкейе калып чыбыгын эңип алып томураңдап ордунан туруп келаткан баланы карай жөнөдү.

***(уландысы кийинки санда)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Алар кайраттуу достор экен



Үйүрүн эчен жыл ээрчитип жүргөн картаң карышкырдын күнү бүтүп баратты. Баштагысындай болбой алы кетип, шаймааны бошоп, топ карышкырды алдына чогултту. Ал эң эле күчтүү, кайраттуу деген жаш карышкырдын маңдайына илкип араң басып келип:

– Мен карыдым. Арыдым. Ушул күндөн тарта үйүрдү эми сен ээрчитесиң. Бирок сен өзүңдү ушул мансапка татыктуу экениңди далилдешиң керек. Эң күчтүү деген карышкырлардан алтоону ээрчитип бүт үйүргө жете тургандай азык таап келесиң, – деп буйрук берди.

– Жарайт, – деп алты карышкырды ээрчиткен дөбөт заматта кырды ашып, желе жортуп көздөн кайым болду. Чоң таштын түбүндө буларды күткөн карт кашабаң бир күн, бир түн отурду. Эртеси күн кечтеп калган беймаал убакта тээ алыстан жети карышкырдын үрүл-бүрүл караанды көрүндү. Алар тапкан олжосун ар кай жеринен тиштешип, куйруктарын жогору көтөрүп, үйүрдүн майданына шаңдуу кирип келишти. Бардыгы тең амандешен бир жеринде жаракаты жок. Карышкырлар жабылып олжону талап-булап жеп бүтүргөн соң карт карышкыр:

– Кана, байтал бээнин этин кантип таап келдиңер, ошондон кеп салчы, – деди.

– Биз жортуп жүрүп, айылдан обочо жердеги калың жылкынын оттоп жүргөнүн байкадык. Жылкыны кайтарган он чактыдай жылкычы бар экен. Эч коркпостон заматта чагылгандай кол салып кирдик. Көп жылкы үркүп качып жөнөдү. Жете берген жерден эле жылкыларды чандырдан гана тартып канавайран салып жүрүп отурдук. Жылкылар жылкычыларга ээ бербей туш-тушка качып жөнөштү. Ошондо ушул байталды кептешке камап, жылкычылардын көзүн жазгырганга үлгүрдүк. Чак түштө болуп кеткен окуяга жылкычылар өздөрү да түшүнбөй калышты. Бул жортуулда шамдагайлык кылып, бирибиз да да зыянга учурабай аман келдик, – деп жооп берди

– Азаматсыңар. Жортуулга эртең да барасыңар, – деди кашабаң. Эртеси күнү кечээки жеңишине эрдемсиген жети карышкыр ишенимүү түрдө кырды ашып, тоонун артынан көрүнбөй калды. Карт үйүр башчы аларды бир күн күттү, бир түн күттү. Кеч да кирди. Таң чыгайын деп калган таң каракчысында күүгүмдө алыс эмес жакын жерден бир караан көрүндү. Бул денесинде соо жери жок, аксап араң жан болуп келаткан кечээ жаңы эле шайланган үйүр башчы эле.

– Ии, эмне болду. Сүйлөй отур, – деди аксакал карышкыр.

– Биз токойго кар малтап терең сүңгүп кирип бардык. Тынымсыз кар жаап турду. Аңгыча эле көп жылкынын изине түштүк. Кыязы, жылкычылар бороондо ыктоо болсун деп токойго киргизген сыяктуу. Эч нерсе көзгө көрүнбөгөн тумандуу боройшодо оңой эле олжого туйтунабыз деп ойлодук. Жылкынын үйүрү абдан чоң экен. Буларды кайтарган жылкычылар болгону үчөө гана экен. Биз жылкыны четинен кайрып үркүтүп боoз бээлердин кардын жарып киргенде "Бөрү тийди! Тарт жылкыны" деген айбаттуу үн угулду. Алгач эле алдыда жылкыны кайрып бараткан Торсогойдун каңк эткен үнү удаа атылган мылтыктын үнүнө удаа эле башы карга тыгылды. Ошол замат туш-туштан тынымсыз атылган мылтыктын үнү кулакмээни тундуруп кирди. Кайран гана боорлорум, мылтыктын огуна, укуруктун учуна кабылышты. Ошентип отуруп өтө сак немелер мени менен уугa чыккан бөрү тукумунун баарысынын терисин ташка чапташты. Жалгыз өзүм өлдүм дегенде араң качып кутулдум, – деп жараатын жалап отуруп калды.

– Муруңку сапарыңарда он жылкычыга моюн бербей, анан калса олжолуу келдиңер эле. Бул жолкусунда болгону үч адам сазайыңарды бергенине таң калып отурам, – деди картаң карышкыр.

– Ооба. Биз он жылкычынын көзүн оңой эле жазгырганбыз. Аларда жүрөк да, ынтымак да жок болгондуктан биз күн ачыкта алардын кыйсыпырын чыгарып кеткенбиз. Ал эми булар болсо өтө ынтымактуу, өз ишинин жоопкерчилигин сезген кайраттуу достор экен. Адамга коркунучтуу, бөрүгө ыңгайлуу туман түшкөн бороошодо бир да жылкыны карышкырга алдырбай, сергек кайтарып жылкысын аман алып калышты, – деп жонуна тийген укуруктун уусу жан чыдатпай, жерге оонаганга да чамасы жетпей калың карды кызылала кан кылып, оңкосунан сайылды.

# Өтүгүңдү чеч



Имам Шамиль адамзат тарыхындагы улуу инсан, улуу кол башчы, тарикат аалымы, саясатчы бүткүл кавказдыктар ага окшогусу келген идеалдуу адам болгон. 1859-жылы орус империалисттери Гуниб тоосун таяна чегинген Имам Шамилди колго түшүрүшөт. Колго түшкөн Шамиль генерал Барятинскийге: "Силер биздин жерге эмнеге келдиңер? Биз менен эмне үчүн согушуп жатасыңар", – дейт. Анда генерал Барятинский: "Биз силердей түркөйлөргө жогорку маданият менен улуу цивилизацияны жеткиргени келдик", – дейт. Ошондо Шамиль колго түшкөн бир мусулман жоокерди чакырып: "Өтүгүңдү чеч ", – деп буйрук кылат. Тигил өтүгүн чечет. Мусулмандын буту беш убак алынган даарatынан улам таптаза болуп турган. Муну менен эмнени түшүндүргүсү келип жатат деп таңыркаган генералга бир жоокеринди чакырып берчи деп өтүнүч кылат. Генерал катардагы орус жоокерин чакырып, мунун айтканын кыл деп ишаарат кылат. Шамиль буга да : "Бут кийимиңди чеч", – дейт. Орустун тердегенден улам бутуна жармашып калган чулгоосунан шыбоонун сасык жыты далай жерге чейин урат. Сасык жытка жийиркенген Шамиль генералга кайрылып: "Силер бизге ушундай маданиятты алып келдинер беле?" – деп суроо узаткан экен.

# Аарылар



Кайсы бир эске келбеген эски убактарда бир падыша болуптур. Ал өзүнүн өлкөсүндө каалашынча бийлик кылып, каалаганын ичип-жеп жатканы менен, негедир акыркы убактарда аарылардан көп чочулачу болуп калат. Акыры ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, ушул ызылдаган макулуктарды биротоло жоготуу боюнча жарлыкка кол койот. Анткени менен аарылар ага эч кандай деле оңтойсуздук жаратчу эмес. Болгону бакчасындагы гүлдөрдү аралап учуп бал чогултуп жүргөндө тынымсыз дыңылдаган үндөрү падышаны коркунучка салчу. Ошентип, жарлыктын негизинде аарыларга каршы катуу күрөш жарыяланды. Аларды жоготуу, бакчага киргизбөө, уяларын таап тукум-курут кылуу, курт-кумурска жей турган куштарды таап, алардын жалаң аары жегенге көндүрүү жана башка ушул сыяктуу өтө көп иштер кылынды. Өтө көп убакыт коротулду. Бирок, ушунча өмүрүн, ушунча күч-кубатын, акыл-эсин аарыларга каршы айоосуз күрөшкө сарптаган падышаны бир күнү эч шыбырт алдырбай, эч дабыш чыгарбай гана керебетинин алдында жаткан кара курт чагып, өлтүрүп койду...

## Бул өмүрүң бекер эмес

Жер үстүнө жаралган ар бир макулуктун өзүнүн милдети бар деп чоң энем көп айтар эле. Ар бир адамдын жарык дүйнөгө келгенин себеби бар. Себепсиз эч нерсе болбойт. Кудайга кулчулугун кылып, акыретте Жаратkandын ыраазычылыгын алуу – кандай бакыт. Аны бул дүйнөдө түшүнгөн бар, түшүнбөгөн бар... Кээде адамдар өлбөчүдөй болуп жашайбыз. Болор-болбос нерсе үчүн куйгүлтүккө түшөбүз. Ээбизге кайтар күнүбүз бар. Мына бул жалганда биздин өмүрүбүздүн кышы келип калды. Өмүрүмдүн жазы, жайы, күзү көз ирмегенче эле өтүп кетти, кулунтайым. Өнөөрүбүз калган жок. Эми өлөөрүбүз эле калды. Чиркин, адам жашка тойбойт экен. Адам өлөйүн дебей, көрөйүн эле дейт экен. Дагы да болсо силердин ыраактыңарга тоё элекмин. Мына сен өмүрдүн жазын өткөрүп жатасың, алдыңа кетейин. Бул өмүргө сен бекер жаралган жоксуң. Кудай деген кур калбайт. Кудай деп жүр, мээнетинди алайын. Сени бул өмүргө Кудайым бекер жаратkan жок. Сен да бирөөнүн маселесин чечиш үчүн жаралгансың. Бирөөнүн ажаатын ачып жүр, берекем. Ошондой кыл, кагылайын. Ошентсең Кудай жолуңду ачат. Жолдуу бол, тукумуң көп болсун", – деп баскан-турган сайын алкап бата берип калар эле. Бул сөздөр кулагымдан куюлуп калбай сакталып жүргөнү менен, маанисин далай жылдар өткөндөн кийин түшүндүм.



Бетти даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Жолдошум сулууларды көргөндө өзүн жоготот

**1) Кызымдын бутунда анары бар. Сөзсүз Анара деп айтуубуз жана ошол ысымды азан чакыртып коюшубуз керекпи? Өзүнүн аты Элина болчу. Анара деп чакырбасаң анары көбөйүп кетет дешет.**

**Жооп:** Биз билгенден, анары бар адамдарды Анара, Анаркүл, Анарбек, Анарбай деп чакыруу, ошентип ат коюу милдеттүү эмес. Элина деп коюлган ат деле элине ыйман, акыйкат, адал эмгек, адилет кызмат көрсөтөт деген аруу тилек менен коюлса керек эле?!... Анар деген атты койбосо анары көбөйүп кетет деген эл оозундагы жөн эле сөз болуш керек го!? Антпесе, анары бар болгонуна карабай, андай ат албаган адамдар эмдигиче дене-боюн анар каптап кетпейт беле?..

Элинаны башка ысымга өзгөртүү, жаңыдан азан айттыруу зарыл эмес.

*Эске салчу маселе:* ысым өзгөргөн учурда, жаңыдан азан айттыруу тартиби жок. Азан ат коюлганы үчүн эмес, балким, бул ааламга келгени үчүн айтылат. Валлоох аьламу.

**2) Шариатта бирөөнүн баласын эмизсе болобу? Жеңем баласын эмизип турчу деп таштап кете берет. Жолдошу руксат берсе, эмизе берсе болот дешет, ушул туурабы?**

**Жооп:** Эгерде эмизе турган аялдын күйөөсү, тагыраак айтканда, сүттүн ээси уруксат берсе, эмизе берсе болот. Уруксат бербесе, эмизгенге да уруксат берилбейт. Сиз эмизген бала наристе сиз менен күйөөңүздүн кара чечекей баласындай эле мааниге ээ болуп калат да, сиздин балдарыңыз менен бир туугандык макамдай даражага, эмчектеш даражасына ээ болуп калышат. Эмчектештер бири-бирине үйлөнсө болбойт. Махрамият тартиптери сакталат.

**3) Бирөө намаз окуп жатканда алдынан өтүп кетсе эмне болот?**

**Жооп:** Күнөө болот. Эгерде намаз окуп жаткан адам ыңгайсыз жерди тандап алып окуган болсо, башкалар аргасыздан өтө турган болсо эки тарап тең күнөөкөр болот. Бир аз күтө турса намаз деле бүтөөр... Окуп жаткан адамды күткөндүн өзү да ибадат эмеспи... Пайгамбарыбыз алайхис салам "күт" деген кийин күткөн адам соопко ээ болот. Жашоодогу жаркын максатыбыз соопко ээ болуу болгондон кийин, күткөн жакшы...

**4) Даават парзбы же сүннөтпү?**

**Жооп:** Даават парз, садагасы! Куранда "Даават кыл!" деген чакырык, буйрук келет. Ким колунан эмне келсе, ага кандай жөндөмдүүлүк берилсе, ошол аркылуу дин жеткирүүгө аракеттенүүсү милдеттүү болот.

**5) Хына менен колго, денеге сүрөт тартканга болобу?**

**Жооп:** Аялзатына болот. Жандуунун сүрөтү эмес, гүл сыяктуу ар кандай оймолордун сүрөтүн хына менен тарттырса болот. А түгүл сооп дагы болот.

Эркектерге хына менен чач-сакалын боёсо болот, а бирок, денесине, колуна сүрөт тартырууга таптакыр болбойт. Арам.

**6) Москвада мусулман эместерден кредит алса болобу?**

**Жооп:** Даруль харбтагы харбийден ошол жердеги мусулман адам кредит алса болот. Москва дааруль харб болот, андыктан ошол жердик мусулман эместен, ошол жерде жашап жаткан мусулман пендеси, эгер муктаждык болуп калса – төлөп берүүгө мүмкүнчүлүгү жете турган болсо, алардан кредит алса болот.

**7) Козу карын жесе болобу?**

**Жооп:** Болот. Уулуу козу карын жеген арам. Эскирип оорулуу кылып коё турганы болсо да арам. Ал эми шектүү болуп калганын жеген макрух. Жакшысын жакшылап жей бересиз.

**8) Орозодо ийне сайдырса болобу? Ооз ачылбайбы?**

**Жооп:** Орозодо ийне сайдыруу орозону бузбайт. Анткени ийне аркылуу кирип жаткан суюктук, адаттагы азык кирүүчү жол (ооз, мурун, кулак, арткы аврет) менен эмес, андан башка жер аркылуу кирип жатат. Ошондой эле кирип барган жери да адаттагы азык кирүүчү жай (кекиртек, ашказан, ичегилер) эмес, этибарга алына турган көңдөй болбогондуктан, ийне менен берилген дарыга ооз ачылбайт.

Ийне сайса орозо бузбайт деген аалымдардын көч башында Мухаммад Саьиид Рамазан Буутий турат.

Кээ бир аалымдар курамында "глюкоза" болсо ооз ачылып калат дешет. А бирок, ага маани берүүнүн кажети жок.

**9) Эжем 50 жашта. Жездем менен ажырашканына 5 жыл болуп калды. Башкага турмушка чыгайын десе, талак бербей жатыптыр. Эжемдин улуу баласы «Башкага турмушка чыкпайсыз» деп жатат. Эмне кылса болот?**

**Жооп:** Алардын ички маселеси экен. Күйөөсү менен жарашсын. Жарашууга такыр болбосо, анда сотко берип, же аксакалдарды салып ажырашсын. Беш жылдан берки өмүрү күл болуп кетиптир, ага ким жооп берет. Күйөөсү да акылы жакшы эмес адам экен, же өзү жашабаса, же өзгөнү жашатпаса, Алланын каарына кала турган пенде экен. Кудайым сактасын.

Чоң баласы да атасын жазбай тартыптыр. Андай эле кызганчаак экен, атасы менен апасын эптеп жолун таап ажыраштырсын. Апасынын курсагын эптеп тойгузганы менен, анын көңүлүн кантип тойгузат.

Апалары жесир калган, же тирүүлөй жесир калган балдар, апаларын курулай эле кызгана бергендери жакшы эмес. Эгер жакшы, мусулман, такыба пенде чыкса, уруксат бергендери жакшы болот. Жалгыздык Аллага эле жарашат.

**10) Жолдошум Кувейтте иштейт. Умрага, ажыга көп барат. Мени да ажыга алып бар десем күнөө болбойбу? Же махрдын ордуна ажыга алып барып кел дегеним дурусбу?**

**Жооп:** Жолдошуңуз менен сүйлөшүңүз. Кандай чечсеңер да жакшылыкка болот. Кеңешип кескен бармак оорубайт деп айтылат.

**11) Каш терсе болбойт дегениңизди уккамын. Бирок жолдошум сулууларды көргөндө өзүн жоготуп коёт. Жолдошумдун башкага көз артпоосу үчүн терсем болобу? Тергенде башкача болуп калам.**

**Жооп:** Сулуулук салонуна барсаңыз, азыр кашыңызды тербей туруп сулууга айлантып коё турган кереметтер бар. Анын үстүнө азыркы моданын кыйындары «Кашты тербей туруп сулуу болуу мода» деп айтып жатышкан имиш. Кашты терген күнөө болот.

**12) Эртең менен намазга такыр тура албай жатам. 4 маал гана намаз окуп келем. Бул кандай болот?**

**Жооп:** Багымдаттын казасын оку, жок дегенде. Ниет кылсаң турасың, ниет жок болсо ошентип өксүй берет.

**13) Намазда ойлобогон ойдун баарын ойлоймун. Бул нерсенин дубасы барбы?**

**Жооп:** Эмне тилек тилесең, ошонун баарын кыргызча айтсаң эле, ошонун дубасын таап айтканың болот. Намаздын башында намаздын улуулугун, маанилүүлүгүн эске салып, ниетти тууралаcаң, жеңилирээк болууга себеп болот.

**14) Ооз бекиткенден кийин тиш жуусак кандай болот?**

**Жооп:** Ооз бекитип тиш жууса деле болот. Бирок, ооз бекитүүдөн мурда тиш жууп алган жакшыраак. Анткени тиш пастанын даамы бар болгондуктан, ал оозго кирип кетүү коркунучу болуп, ошол коркунучтун айынан макрух болуу мүмкүнчүлүгү туулат. Оздогу жаман жытты кетирүү максатында мисвак бутагын тиш тазалоого колдонсоңуз жакшы болуп, сүннөткө ээ болосуз. Бирок, зарылчылык туулса, кекиртекке киргизбей туруп жууңуз, этиеттик шарты менен дурус болот.




Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**15) Үй-бүлөдө аял киши күйөөсү менен иши жок болсо, калпты айтса, тапканын пайдасыз нерселерге чачса ажыраштырууга болобу?**

**Жооп:** Аял киши үйдө болуп, үйдүн кутун сактоого аракеттенүүсү абзел. Күйөөсүн тоготпогон аялга осуят айтылуусу кажет. Жолдошунун абийирин чачууга жол койгон учурда, ажырашууну ойлонууга мүмкүнчүлүк табылуусу мүмкүн. Ал эми аял киши өзү тапканын пайдасыз нерселерге жумшаса, ал нерсе үчүн ажырашууга же ажыраштырууга аракет кылуу туура эмес. Калп айткан үчүн да ажыраштырууга жол берилбегени туура болот. Эркек кайраттуу болсо аял уяттуу болот. Аялдын муктаждыгын канааттандырып, анын көңүлүн көтөрө билсе, аялзаты көчөгө да чыкпай, кошумча тыйын да таппайт, тыйын таппагандан кийин аны пайдасыз жолго чачпайт. Чачпагандан кийин актануу үчүн калп да айтпайт. Ошентип баары жөнгө келет. Үй-бүлөдө дин жок болсо, балакеттин баары башталат. Бактылуулук ошентип ташталат.

**16) Намаз окубайм. Начар баламын. Кыздарга көз арта берем. Досторумдун аялдары көз кысса, алардан калбай өзүнө жараша мамиле кылып коё берем. Өзүм сулуу деле жан эмесмин. Темир кызыткан жерде иштейм. Ал жердеги кызыган отту көрүп тозоктон корком. Мен да жакшы амал кылып, бейишке чыккым келет. Кеңешиңизди чыдамсыздык менен күтөм устаз.**

**Жооп:** Сага ошол кыздар, келиндер көз кысканда эжең менен карындашыңды, энең менен таэжеңди, кызың менен келинчегиңди элестет. Ошолорго башкалар көз кысканын ойлон. Сендеги бар абалдан ойгон. Ошондо болосуң сен жаман иштерге тойгон. Такыр болбосо өзүң кызыткан отко чыпалагыңды тийгизе кой жарым секундка... Маселе чечилет. Такыр болбосо, ошол отко боюңду ташта. Тозокко күйгөндөн көрө



ушул отко күйсөң күйүтүң жеңилирээк болот. Күнөөдөн качып күйгөнүң үчүн күнөөдөн арыларсың. Жусуп алайхис саламдын сүннөтүнө бой сунган болуп, бейиштик орунга кабыларсың. Ошент, берекем!

**17) Атам жок, апам, 2 иним бар. Турмушка чыккыча үй-бүлөнү мен камсыздап келдим. Мен кеткенден кийин апамдар аябай кыйналды. Кээде үйдөн азык-түлүк жиберип турчумун. Күнөөкөр болбоймунбу?**

**Жооп:** Эгерде сиз жумушта иштеп, өзүңүз тыйын тапсаңыз, каалаганча жардам бере аласыз. А эгер иштебеген болсоңуз, анда, жолдошуңуздун уруксаты менен гана жардам бере аласыз. Үйдө даярдалып, үй-бүлөңүз жегенден арткан тамактан каалашыңызча анын уруксаты жок берсеңиз боло берет.

Эгерде, апаңыз жана инилериңиз жаш болгону үчүн сиздин жардамга чындап муктаж болсо, анда күйөөңүз сиздин атыңыздан аларга жардам берүүгө тийиш болот. Жолдошуңуздун каражаты тартыш болсо, же аларга жардам берүүнү каалабаса, анда сиздин иштөөңүзгө уруксат берүүгө милдеттүү болот.

**18) Менин ашказанымда жара бардыгына байланыштуу бат-бат аз-аздан тамактануу керек. Жакында орозо башталат, орозо кармабай койсом күнөөкөр болбоймунбу?**

**Жооп:** Дарыгериңиз менен кеңешиңиз. Анын жообу менин жообум болот.

**19) Мен куу, жалганчы, ширин тилдүү кайненем менен жашаганга мажбурмун. Намаздарыма, жоолугума тоскоолдук кылат. Чыдайм деп жүрүп ден-соолуктан айрылганы калдым. Эмне кылам, устаз?**

**Жооп:** Бой көтөргөндөргө бой көтөрүү садага. Сен дагы ширин тил бол. Уруп жатпагандан кийин анын кылык-жоруктарына маани бербе. Кулактын сыртынан кетир. Акылы аз адам сүйлөп жаткандай эле кабылда. Ошентсең баарына жакшы болгону турат.

**22) Жүгүнүү салты шариатка туура келеби?**

**Жооп:** Диндеги эң зарыл иш-чара намаз болуп эсептелет. Намаздагы негизги тутум кыям (тик туруу), рукууь (жүгүнүү) жана сажда (чекесин жерге тийгизип тооп кылуу) болуп эсептелет. Адегенде тик туруп ибадат кылып, андан соң аны жүгүнүү менен коштоп, жыйынтыгында чекесин жерге тийгизип тооп кылуу – сажда менен бүтүрөт. Көрүнүп тургандай, аракеттин баары саждага келип такалат. Демек, сажда эң негизги тутум катары саналат. Мына ушул сажданы Аллах Тааладан башка үчүн арноого шариат канундары караманча тыюу салат. Демек Аллах Тааладан башкага сажда кылууга, ниети кандай гана болбосун, таптакыр тыюу салынат. Ал эми кыям жана рукууь аракеттери саламдашуу жана урматтоо ниетинде болсо, уруксат берилет. Мисалы улуу аксакал үйгө кирип келсе, жаштар урматтап ордунан турса, же жаңы келин чоң апаларга саламдашып жүгүнсө эч кандай зыяны жок. Бул туурасында улуу ханафий аалымы Мулла Алий Кары Мишкатка берген шархы Миркатта баяндаган.

Бирок, ошондой болсо дагы, жүгүнгөндү, кээ бир адамдар, салтыбызды түшүнбөгөн айрым бир жамааттар туура эмес түшүнбөөсү үчүн урматтоонун башка формаларын деле колдонсок жакшы болот.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жөргөмүштүн чучугу, сүтү, жайлоо, эт...



Кумурзстанда жамгыр тынымсыз жаай берип, бул жерликтер өздөрүн Авруруяда жашагандай сезе баштаганы айтылууда. Көрсө, Авруруя менен Кумурзстандын айырмасы асмандагы булут менен эле күндө деп ойлогондор да бар экен. Бир чети чынында эле ошондой сезилет. Мисалы, Авруруяда кумурскалар көп деле кара жумуш иштебейт. Алар баарын жасай турган аспаптарды жасап алышкан. Жер айдай турган, арык каза турган, жол сала турган, буурчак тере турган, арпа тазалай турган, ал тургай биттерин саай турган аспаптары бар. Эч нерсени кол менен жасашпайт. Бирөө иштеп атканда беш-алтоо эс алып отура берсе болот. Бирок, бул Кумурзстанда деле ошондой. Буларда жанагыдай аспаптар жок бирок, буларда деле бирөө иштеп атканда беш-алтоо эс алып отура берет. Деги көп эс алышат. Дайыма эс алышат...

Мисалы өткөндө бир авруруялык жер кыдырып жүрүп бир кумурзстандыкка жолугуп калат. Кумурзстандык адатынча бактын көлөкөсүндө чалкалап жатат дейт. Анан тиги авруруялык сурабайбы:

– Хей, досюм, эмне жатасын? Иштебейсинби? – дептир ал. Берки болсо дале камырабайт. Оозуна бир тал чөп тиштеп алган. Акырын бир көзүн ачып беркини карайт дагы кайра жатып алып күңк этип коёт.

– Ээ, кайдагыны айтпачы. Эмнени иштейин? Жумуш жок.

– Жумуш жйоок?! Май френд, карачы мобу талааны, бош жатат го. Ушул жерди иштетпейсинби? Бери гууд болот.

Берки дагы эле баш көтөрбөйт. Ошол жаткан бойдон

– Ии, аны иштеттим дейли, анан эмне болот? – деп коёт.

– Эмне болот? Май френд, капуста болот, капуста!

– Анан? Анан эмне болот?

– Ананбы? Сен бай болосун. Милониеер болосун!

– Анан?

– Ананбы, сен бай болуп жыргайсын. Лайф из гууд. Ар кай жерге барасын. Дуйнону кыдырасын. Кордунбу мен тээ тиги Англуядан ушул жерге келдим. Жыргал. Жайлоо. Тоо...

Бечара авруруялык ушунтип жакшы эле жыргап аткан. Бирок, мунун келжирей бергени беркини тажатып жиберди окшойт. Жаткан жеринен акырын турду да, оозундагы чөбүн чыйт түкүрүп таштап тигинин сөзүн бөлдү.

– Эй, жыргадым, жыргадым дейсиң. Мына сен толтура жер иштеттиң туурабы?

– Йес, йес, туура.

– Ии, кыйналып жер иштетип, арпа айдап, көөп капусталуу болдуң туурабы?

– Аябай коп, моомунча кооп капуста. Иштеш керек май френд, иштеш керек...

– Коё турчу. Уксаң эми. Анан көөп капусталуу болуп алып темселеп ушул жакка келдиң туурабы?

– Йес, йес келдим. Бул жак сонун! Жайлоо, жоргамүштүн эти, сүтү. Сонун!...

– Ооба, сонун! Жөргөмүштүн чучугу, кымыз, жайлоо. Бүт сонун. Эми сен айтчы, бул жакка сен эс алганы келдиңби, же иштегени келдиңби?

– Май френд, мен иштедим. Авруруяда кооп иштедим. Эми бул жактан эс алам. Бул жакта аба таза, тоолор, жайлоо. Эс алыш керек.

– Көрдүңбү, май пренд, бул жакта эс алыш керек. Ушундай жерде мен кантип иштейм, ойлосоң. Бул жакта жатыш керек! Кел андан көрө сен да жат...

Ушунтти да кумурзстандык жерден бир чөптү чычайта тиштеп алып кайра керилe жатып калды. Ошондон тартып баягы авруруялык бечара катуу ойдо жүрөт имиш. Бирок, булар ойлосо ойдун түбүнө жеткен, иштесе иштин түбүнө жеткен кумурскалар болот эмеспи. Бул дагы ошол адатын карманып ойлоно берип, ойлоно берип, акыры «Кумурзстан иштечү жер эмес» деген чечим чыгарыптыр. Өзү да ошондон бери бир жерде жатат дейт.

Айтмакчы, ал бир күнү бир кумурзстандыктын бүчүрлүү куурайдын алдына жатып алып «Бүчүр быш, оозума түш» деп сүйлөгөнүн угуп калбайбы. Анан бир күнү өзү да бир куурайдын алдына жатып алып «Бүчүр быш, оозума түш. Бүчүр быш оозума түш» деп сүйлөнүп атса бактын нары жагында жаткан кумурзстандык «Эй, ушу сөздү эринбей кантип айтып атасың?» деп таң калыптыр.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ




***(уландысы)***

Кой келери менен ар кайсы үйдөн идиштерин көтөрүп, бирден-экиден болуп эрине баскан келиндер чыгып келди.

— Бол эми, бат-бат кармап жибер,— деди Айымжан таежеңем мага.

Менден башка да кой саадырып жүргөн бир тобу бар. Аралай кубалап, кой кармап жүрөбүз. Үч-төрт койду саадыргандан кийин көпүрөгө келген эшектей кыйык кара токтуну кыйкылдатып зорго жетелеп келдим. Мындай арам болорбу, саанчыга желини жаңы тие бергенде атып кетип, мени дыргаяктатып алып жүрүп бербеспи. Өлбөй тирүү куткарбаймын деген немедей мойнунан салаалаган колумду чыгарбай, тери шымды калдыратып, өлөрмандыкка салып мен да жүрүп отурдум. Ошентип баратып, бир кезде жыңайлак бутумду курч туягы басып кетти эле сазайымды тартып отура калдым. Койдун чыласына кесилип жүргөн бутум чатырап, канап кетти. Жакын жерде кой саап олтурган бир катын:

—Байкушту жаман басып алды ээ,— деди мени аяган кишидей. Короонун башында дүйнөнүн баарын көзү менен чолуп отурган таенем менин жаңкымды көрүп калып:

— Деги томаяктын баласына мал ошондой келет тура,— дегендей болду. Бул сөзү мага араң угулду.

Мен секендеп, аксап барып андан башкасын кармап келдим. Кой саадырып турсам таенем жаныма келип, бутактуу кыпкызыл табылгы таягын оң колуна бош таянып тура калды да, менин үстүмдү айландыра карап алып:

— Ырысы жок, тонуңду эмне тыттырып алгансың?— деди.

— Бая Сасбактын баласы ала качып жүрүп ушинтип койду,— дедим мен койдун мойнунан кармап туруп, көгөндөгү козуларды карап алып.

— Ырысы жок, оюнду эмне кыласың? Сага ким жамап берет?

— Ойногон эмесмин. Менин козумду тоспойсуң деп, өзү келип тийишти,— деп улуюп жер карадым.

— Ырысы жок, ырысы жок киши ошондой болот!

Таенемдин сөөктөн өткөндөй заар тили менен сыйлап туруп, үстүмдү бүтөп бергенинен антпей жылаңач койгону жеңил көрүнүп турду. Ачууланганда эки сөзүнүн бири «ырысы жок». Бул сөз эниме басылгандай, көбүнчө мага жумшалчу. Ал Курманбайга канчалык ачууланса да бир айтып көргөн эмес. Ошон үчүн мен «ырысы жок» жалаң томаяктар үчүн гана бүткөн сөз болсо керек деп ойлочумун. Жаңкы бала экөөбүздүн тарыхыбызды таенеме Курманбай жеткирсе керек. Бөлөк киши айткан жок, билем. Ал айтканы бышык болсо, мени мактабасына көзүм жетет. Экөөбүз башынан өчпүз. Мен жокто таенемдин колтугуна кирип алып, көр-жерди жамапб көбүн өзүнөн кошуп, мени бүлдүрүп жамандай берчү.

— Малды буту менен тээп жиберет экен,— деп арзыбаган немелер менен жамандап жатканын да бир уккам. Мал тепкен кишини таенем жек көрчү...

Бир күнү кечке жакын:

— Сарыбай байдын байбичеси чакырат,— деп мени бирөө чакырып алып кетти.

Сарыбайдыкы Кең-Суунун ичинде, алыстан бадырайып турган эки ак үй эле. Тегерегинде дайым мандырдай болгон төрт-беш боз үй тигилип турчу. Ысмайыл, Букара, Карыбай деген балдарында да бирден ак үй бар. Бирок, Сарыбайдын өз үйү бүтүн, Кең-Сууда бадырайып бөтөнчө туруучу.

***(уландысы бар)***

# Манастын сегизинчи осуяты

Жакында эле Жогорку Кеңеш жыйынында депутат Садык Шер-нияз билим берүү министри Элвира Сариевага "Коломсокко кол салып, колуна тартып ок чалып, киричине чалганча, коюп Манас кеткени» деген саптарды айтып, маанисин сураган. Бирок Элвира Сариева буга жооп бере алган эмес. Натыйжада, эл өкүлү министрди кудум Манастын сегизинчи осуятын, же жадыбалдын эрежесин билбей калган немедей сын айтып, күпүлдөдү

Биз муну суроо дейбизби, же окуя дейбизби, айтор, атайын анализдей турган өзүнчө тема болуп калды окшойт. Себеби Жогорку Кеңештин депутаты билим берүүнүн төбөсүндө турган министрге мындай суроо салышы канчалык деңгээлде туура? Бул суроого чындыгында, дүйнөдөгү аалыммын, эң билимдүүмүн деген, эң кыйын адисмин деген киши деле жооп таба албайт. Ката табыш керек, кемчилик табышыбыз керек, жооп бере албай турган суроо сураш керек дей берсек, анда ал ар бир адамдан табылат. Бул дагы ошондой таризде, кемчилигин табуу үчүн, аброюн түшүрүү үчүн берилген суроо экендиги көпчүлүккө белгилүү болгондур. Катардагы да эмес, архаизм, историзм сөздөрдү ичине камтыган саптарды сурап, кыргыздын дээрлик көпчүлүгү билбеген, атайын адистиктеги тилчилер гана түшүнө ала турган суроонун берилиши улуту үчүн күйгөн депутат мырза үчүн орундуубу? Ошондой экен улуттук маданиятыбыздын туу чокусу болгон көркөм дөөлөтүбүздүн түшүнүктүү саптарынан деле сураса болот да. Мындан биз өзүбүздүн деңгээлибизди, абалыбызды көрсөтүп жаткан болбойлук. Чындап эле билим берүүгө күйгөн болсок, чындап эле билим берүүнүн абалына ыйлап аткан болсок, дүйнөдөгү алдыңкы билим берген өлкөлөрдөн жана аларды ошондой ийгиликке жеткирген системалардан кабардар болсок, ошого жараша суроо узатсак жарашмак беле? Мисалы, ошол жерде Сариевага, же болбосо билим берүү өкүлдөрүнө сиз дүйнөдөгү билим берүү боюнча кайсы рейтингтерди билесиз? PISA, ОИСИ, ОРТдан башка дүйнөлүк стандарттагы кайсы рейтинг өлчөөчү индекстерди билесиз? Же PISAдагы эң алдыңкы 5 өлкөнү санап, алардын билим берүү системасынын эң негизги 2–3 өзгөчөлүгүн айтып бериңизчи деген суроолор болсо, коомду ойготуучу, коомдук пикирди жогорулатуучу, жакшы жакка багыттоочу, билим берүү тармагына пайдалуу натыйжа алып келүүчү суроо болбойт беле. Же болбосо баарына



түшүнүктүү болгон PISA рейтинги боюнча сиз келгенге чейин биздин билим берүү системабыз кайсы орунда турчу эле, а сиз келгенден кийин канча тепкич жогоруладык, же болбосо алдыга жылыш үчүн эмнелерди кылдык деген өңдүү түздөн-түз билим берүүгө байланыштуу рейтингдин негизинде суралган суроо болсо, анда чындыгында көпчүлүк үчүн пайдалуу болмок. Ошонун негизинде эне тилин да кайсы бир деңгээлде окутулуу рейтингин билмекпиз. Ошондуктан бул окуя акыбалыбыздын кандай экендигин көрсөткөн өзүнчө бир окуя болуп калды. Журналист катары ушундай нерселерди сындоого көбүрөөк үндөп, көбүрөөк агитация кылышыбыз керек. Ар бир тармакта дүйнөдөгү эң алдыңкы рейтингди белгилөөчү критерийлердин негизинде суроо узатуу өзүнчө өлчөө болуп саналат. Ошол аркылуу салыштырууну үйрөнүшүбүз зарыл. Анын ордуна абстрактуу жана архаикалык өлчөмдөр менен өзүбүздү өлчөй бере турган болсок, кайда бара турганыбызды билбегендей болуп, эмне кыла турганыбыздан да кабардар болбой, коомубузду жана ошол тармакта иштегендерди да тескери жакка багыттаган "бир неме" болуп калабыз. Ошол үчүн журналистиканы да, экономиканы да, саясатты да өз талаасындагы эң алдыңкы рейтингдин негизинде өлчөп, ошонун негизинде алдыга жылдырууну адатка айландырышыбыз керек. Азыркы глобалдашкан дүйнөдө бул өтө маанилүү. Заманбап алдыга жылуунун азыркы учурда эң алдыңкы өлчөмү ушул болуп эсептелет. Биз өзүбүзгө таандык эч ким билбеген өлчөмдөр менен архаикалык негиздерде өлчөй берсек, анда коомубуз кайда барарын билбейм...

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ





